# 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө
# Отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 06-1/567 буйругуна ылайык, аудитор П.С. Батировдун жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Д.А. Арстанбеков (топтун жетекчиси) жана А.С. Токторова, мамлекеттик инспекторлор М.Ж. Артыков, Жаныбек уулу А., Д. Авазов, А. Абдырахманов, А. Ниязалиев, А. Омурсаков, Турдубай уулу Т., Г. Кубатбекова, Д.Т. Кубанычбеков (курулуш боюнча) жана Эсептөө палатасынын Ысык-Көл, Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъекти**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъекти болуп Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлиги эсептелет.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигинин (мындан ары – Министрлик) жетекчилиги бюджеттик жана атайын каражаттардын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү корутундуларды даярдоо саналат. Корутундуларды тастыктоодо жетиштүү далилдерди алуу үчүн аудит тийиштүү жол-жоболорду аткарат. Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, укукту белгилөөчү ченемдик документтерде бекитилген милдеттерге жана максаттарга ылайык Министрликтин бюджетинин аткарылышына шайкештик келишин изилдөө болуп эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен, негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө министрликтин ишине тиешелүү болгон ченемдик укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы менен макулдашылган программага ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жазма буйругунун аткарылышы боюнча көрүлгөн чаралар, бюджеттик, атайын каражаттардын максаттуу пайдаланышы, касса жана банк операциялары, эмгек акылардын туура төлөнүшү, иш сапар чыгымдарынын тууралыгы, негизги каражаттар, товардык материалдык баалуулуктардын кириштелиши, автотранспорт каражаттарынын, дебитордук карыздардын, курулуш иштеринин, мамлекеттик сатып алуулардын талаптарга ылайыктыгы камтылды.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, биз төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, бюджеттик каражаттарды пайдаланууда, маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына шайкештигин аныктадык.

**Аудиттелген мезгилге карата каржылоону бөлүштүрүлчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:**

**- биринчи кол коюу укугу менен:** министр А.А. Максутов 2025-жылдын 21-февралына чейинки мезгилине жооптуу; министр М.К. Мамбеталиев 2025-жылдын 27-февралынан ушул мезгилге чейин жооптуу.

**- экинчи кол коюу укугу менен:** башкы бухгалтер Т.Т. Камбаралиева 2025-жылдын 5-июлуна чейинки мезгилине жооптуу; И.А. Дуйшеналиева 2025-жылдын 16-июлунан ушул мезгилге чейин жооптуу.

Аудиттин жүрүшүндө, алынган тастыктама маалымат талдоолордун туура берилишине жооптуу болуп Министрликтин борбордук аппаратынын жетектөөчү адистери жана материалдарды даярдаган адистер эсептелет.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы**

**Аныкталды**

2022-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки аралыктагы бюджетинин аткарылышы боюнча **76** пункттан турган жазма буйрук жөнөтүлдү. Алардын ичинен 60 пункту аткарылган, 12 пункту жарым-жартылай аткарылган, 4 пункту аткарылган эмес. Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 5 897,6 миң сомдун 2 801,1 миң сому калыбына келтирилди. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 3 096,5 миң сомду түзөт. Сунуштар толугу менен аткарылган.

**Корутунду**

Министрлик тарабынан мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 3 096,5 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругун толук аткаруу камсыздалсын.

**Министрликтин бюджеттик жана атайын каражаттарынын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы**

2024-жылдын ***бюджеттик каражаттарынын*** чыгымдарынын сметасын аткаруу боюнча отчётко ылайык, баштапкы чыгымдардын сметасы 6 312 549,3 миң сомго бекитилип, 8 249 483,7 миң сомго тактоолор менен өзгөртүлгөн же жалпысынан 1 936 934,4 миң сомго көбөйтүлгөн, анын ичинен Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрель №165-т, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-август № 506-т, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-октябры, №688-т токтомдоруна ылайык маданият-ар кандай чыгымдарга 1 094 501,8 миң сом, маданият-театрларга 215 603,8 миң сом, маданият-билим берүүгө 517 228,8 миң сом, маданият -спортко 109600,0 миң сом. Кассалык чыгымдар 8 105 242,0 миң сом. Анык чыгымдар 7 505 676,3 миң сом.

2024 - жылдын 1-январына карата ***атайын эсеп каражаттардын*** калдыгы 99 314,7 миң сомду түзгөн. Тактоолор менен сметасы 313 939,9 миң сомго чейин өзгөртүлгөн, иш жүзүндөгү түшкөн сумма 300 670,4 миң сомду түзгөн, же пландаштырылган көрсөткүчтөрдөн 13 269,5 миң сомго аз. Бюджетин кирешесине 4 372,0 миң сом которулган. Башка төлөмдөр 15 090,8 миң сомду түзгөн. Такталган чыгымдар 413 254,6 миң сомго чейин өзгөртүлгөн. Кассалык чыгымдар 260 602,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 231 052,8 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-июлундагы № 356-т тескемесине ылайык, Министрлигине жабдууларды сатып алуу үчүн 270 000,0 сом каражат бөлүнгөн. Андан тышкары 151 046,3 миң сом, жалпы 421 046,3 миң сом каржыланган.

2024-жылдын 3-апрелиндеги №215 Министрдин буйругунун 1-пунктуна ылайык, «Кыргыз маданият сервис» мамлекеттик ишканасына зарыл болгон жабдууларды андан ары сатып алуу максатында мониторинг жүргүзүү тапшырылган. Ушул эле буйруктун 2-пунктуна ылайык, Министрликтин финансы жана мамлекеттик сатып алуулар башкармалыгы Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесинин негизинде келишим түзүүгө тийиш болчу. Бирок, Министрлик Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесинин талаптарын сактабастан Мамлекеттик ишкана менен түз келишим түзгөн. Анткени, Мамлекеттик ишкана мындай өзгөчө ыйгарым укуктарга ээ эмес жана сатып алынуучу жабдуулардын өндүрүүчүсү болуп саналбайт.

Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын аудитинин алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бөлүнгөн максаттуу чыгымдарды утурлама текшерүү үчүн берилген маалыматка ылайык, Министрлик тарабынан Мамлекеттик ишканага жалпы суммасы 50 445,7 миң сом ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды.

Утурлама аудиттин жыйынтыгы менен шайкештик аудиттин жыйынтыктарынын ортосунда 37 680,5 миң сом өлчөмүндө айырма келип чыккан. Бул айырманын пайда болушу, утурлама аудит жүргүзүлүп жаткан учурда бажы төлөмдөрү жана бажы жыйымдары боюнча декларациялар толук берилбегендигине байланыштуу болуп, натыйжада 19 065,5 миң сом эсепке алынбай калгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле, утурлама аудит учурунда чет өлкөлүк жабдуу жеткирүүчүлөргө кеткен чыгымдар Улуттук банктын валюталык курсу боюнча эсептелген, ал эми шайкештик аудиттин жүрүшүндө эсептөөлөр коммерциялык банктын (Элдик Банк) курсу боюнча жүргүзүлгөндүктөн 18 615,0 миң сом өлчөмүндө кошумча курсалык айырма пайда болгон.

Министрлик менен Мамлекеттик ишкананын ортосундагы үн күчөтүүчү жабдууларды, кайра үн иштетүүчү приборлорду, жарык берүүчү жабдууларды, светодиоддук панелдерди, сахналык металл конструкцияларын сатып алып, жеткирип берүү үчүн түзүлгөн келишимдерди аткарууда 12 765,2 миң сом үнөмдөлгөнү, анын ичинен: 7 649,3 мин сом Министрлик менен макулдашпастан максаттан сырткары имараттын чатырын капиталдык оңдоого, анын сметалык документин жасоого жана техникалык көзөмөлдөө үчүн чыгымдалганы аныкталды.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-июлундагы № 356-т тескемесинин негизинде бөлүнгөн акча каражаты боюнча,

түзүлгөн келишимдерди аткарууда 12 765,2 миң сом үнөмдөлгөнү, анын ичинен: 7 649,3 мин сом министрлик менен макулдашпастан максаттан сырткары имараттын чатырын капиталдык оңдоого чыгымдалганы аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-июлундагы № 356-т тескемесинин негизинде Министрликке жабдууларды сатып алуу үчүн бөлүнгөн акча каражатынан үнөмдөлгөн 12 765,2 миң сом республикалык бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды**

Баткен райондук маданият бөлүмүнүн Балдар искусство мектеби боюнча Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Финансы жана экономика башкармалыгы тарабынан бюджеттик сметаларды эсептөөдө, түзүүдө, бекитүүдө кемчиликтер аныкталды. Жыл башында **21 529,8** миң сом алдын ала ашыкча бекитилип, жыл ичинде кайрадан эле кыскартылып, башка мекемелерге бөлүштүрүлгөн.

Ысык-Көл райондук маданият бөлүмүнүн форма 4, жана форма 2де жазылган маалыматка ылайык, өздүк киреше (атайын каражат) бекитилген сметасы 100,0 миң сомду, аткарылганы 22,0 миң сомду түзгөн, ортодо болгон каражаттын жоготуусу **78,0** миң сомду түзүп, 22,0 пайызга гана аткарылган. Атайын каражаттын сметасы Министрлик тарабынан анализ жана долбоор жасалбастан бекитилгендиктен, ошондой эле Ысык-Көл райондук маданият бөлүмүнүн жетекчилиги тарабынан бекитилген сметаны аткаруу иштери жакшы жүргүзүлбөгөндүктөн, маданият бөлүмү өзүн-өзү каржылоого мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

**Корутунду**

Баткен райондук маданият бөлүмүнүн Балдар искусство мектебинде жыл башында **21 529,8** миң сом алдын ала ашыкча бекитилип, жыл ичинде кайрадан эле кыскартылып, башка мекемелерге бөлүштүрүлгөн.

Ысык-Көл райондук маданият бөлүмүнүн атайын каражаттын сметасы министрлик тараптан анализ жана долбоор жасалбастан бекитилген. Ошондой эле, Ысык-Көл райондук маданият бөлүмүнүн жетекчилиги тарабынан бекитилген сметаны аткаруу иштери жакшы жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Министрликтин Финансы жана экономика башкармалыгы тарабынан:

Ведомстволук мекемелердин бюджеттерин реалдуу түзүү боюнча чараларды көрүү тапшырылсын, алардын атайын эсептерине түшкөн каражаттарга талдоо жүргүзүлсүн;

Атайын каражаттын киреше боюнча жылдык сметасын бекитүүдө, талдоо жүргүзүү жана маданият мекемелери тарабынан жылга бекитилген сметаны толук аткарууга изденүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Мамлекеттик циркте[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө”[2] токтомунун талаптары так сакталбастан, мекеменин атайын эсебинин киреше булактары бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн жана ченемдик укуктук актыларда каралбаган каражаттар, эски материалдарды сатуудан жана уурдоого күнөөлүү адамдардын эсебинен түшкөн жалпы суммасы 1 928,0 миң сом акча каражаттары атайын эсепке киргизилген.

**Корутунду**

Мамлекеттик цирктин атайын каражаттар эсебине имараттарды оңдоо иштерин жүргүзүүдөн чыккан эски материалдарды сатуудан жана уурдалган материалдарды ордуна коюудан **1 928,0** миң сом түшкөн.

**Сунуштама**

Атайын каражаттардын эсебиндеги имараттарды оңдоо иштерин жүргүзүүдөн чыккан, сатылган жана уурдалган эски материалдар үчүн 1 928,0 миң сом суммасындагы төлөмдөр республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды**

Мамлекеттик циркте 537,5 чарчы метр мейманканасында 01.12.2025-жылга карата бухгалтердик маалыматтарга ылайык, 42 азыркы жана мурдагы цирк кызматкерлери туруктуу жашашат. Бирок, 2024-жыл ичинде цирктин атайын эсебине мейманкана бөлмөлөрүнүн акысынан киреше түшкөн эмес.

**Корутунду**

Мамлекеттик цирктин балансындагы мамлекеттик мүлк натыйжасыз пайдаланылган.

**Сунуштама**

Цирктин балансындагы мүлктү натыйжасыз пайдаланууну жоюу боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Мамлекеттик мүлктү пайдаланууга жана анын ишинен киреше алууну көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

**Аныкталды**

Искусство университетинде акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсеби "Е-билим" программасын колдонуу менен жүргүзүлөт. "Е-билим" программасы аркалуу акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсеби окуу жылына карата жүргүзүлүп, финансы жылына карата төлөнүүчү сумманын жана анын калдыгынын эсебин так чыгарып бере албайт. Аудит учурунда "Е-билим" программасынан алынган маалымат боюнча билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнөн 2023-2024-окуу жылдары үчүн 970,0 миң сом, 2024-2025-окуу жылдары үчүн – 2 014,3 миң сом түшпөй калган.

---

[1] КРнын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №87 токтомуна ылайык КРнын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин карамагынан чыгарылып КРнын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин карамагына берилди

[2] КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтомуна ылайык күчүн жоготту

Искусство университетинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө" токтомунун 5-пунктунда мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, окуудан чыгарылган студенттерди окутууга сарпталган каражаттардын ордун республикалык бюджетке толтуруу каралгандыгына карабастан мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, 2023-2024-жылдары окуудан чыгарылган студенттерден окутууга сарпталган жалпы 12 448,5 миң сомго каражаттардын ордун толтуруу камсыздалган эмес.

**Корутунду**

Искусство университетинде акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсебин "Е-билим" программасы финансы жылына карата так жана толук чыгарып бере албайт, 2023-2024-окуу жылдары үчүн 970,0 миң сом, 2024-2025-окуу жылдары үчүн – 2 014,3 миң сом түшпөй калган.

2023-2024-жылдары мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, окуудан чыгарылган студенттерден окутууга сарпталган жалпы 12 448,5 миң сомго каражаттардын ордун толтуруу камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

Искусство университетинде акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсебин финансы жылына карата так жана толук жүргүзүү жана карыздарды толук өндүрүү камсыздалсын.

Мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, окуудан чыгарылган студенттерден окутууга сарпталган каражаттарын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

2024-жылы БХОнын атайын эсебине акы төлөө кызматтарынан жалпы 1997,1 миң сом түшкөн. Мында, окуу жайдын жатаканасынан жана окуу жайдын залдарын саатына пайдаланууга берүүдөн түшкөн каражаттар боюнча аналитикалык эсеп жүргүзүлбөгөндүктөн, канча акча каражаты түшө тургандыгы жана төлөнбөгөн акча каражатынын калдыгы боюнча жүргүзүлгөн так эсеп маалыматтары берилген жок.

Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлунун №139 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинде “мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтүшөт” деп көрсөтүлгөн.

БХОнда 01.01.2024-жылы кошумча хореографиялык окуу үчүн акы төлөмү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбегендиктен токтулгандыгына карабастан август айына чейин окуу жайдын атайын эсебине- 656,0 миң сом түшкөн, анын ичинен 139,8 миң сому

кайра окуучулардын ата-энелерине кайтарылган, 475,1 миң сом ижара төлөмү боюнча мурдагы жылдардын карызын төлөөгө иштетилген, калдыгы 41,1 миң сом.

Окуу жайдын жатаканасында жашаган окуучулардан төлөм Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жалпы типтеги жалпы билим берүү мектеп-интернаттарында балдарды кармоого ата-энелердин төлөмүнүн өлчөмү жөнүндө" 15.07.1993-жылдагы №310 токтому боюнча Кыргыз Республикасында белгиленген минималдык эмгек акынын 50% өлчөмүндө алынып келген. Бирок, 2024-жылга төлөм "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" мыйзамында белгиленген минималдык эмгек акынын өлчөмүнөн (2024-жылга 2534 сом, 50% - 1267 сом) 50% же 1267 сом өлчөмүндө бекитилбестен, 2024-жылдын январынан тартып июнь айына чейин 1168 сомдон, 1-сентябрдан 1230 сомдон, же ар бир жатаканада жашаган окуучудан айына 37 сомдон 99 сомго чейин кем алынган.

**Корутунду**

Атайын эсеп боюнча кирешелерди эсепке алуу боюнча БХОда иштер жетиштүү деңгээлде ченемдик документтерге ылайык жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсебин жүргүзүү жана карыздарды толук өндүрүү камсыздалсын.

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2-пунктуна ылайык, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган **41,1** миң сом суммасындагы кирешени республикалык бюджетке которуу жагы каралсын.

БХОнын жатаканасында жашаган окуучулардан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жалпы типтеги жалпы билим берүү мектеп-интернаттарында балдарды кармоого ата-энелердин төлөмүнүн өлчөмү жөнүндө" 15.07.1993-жылдагы №310 токтому боюнча окуучуларды кармоо үчүн кошумча төлөмдөрдү алуунун Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлунун №139 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинде каралган талаптарга шайкештиги каралсын.

**Аныкталды**

Тарых музейинин атайын эсебине 2024-жылы акы төлөө кызматтарынан жалпы 19 768,0 миң сом түшкөн. Атайын эсептин 2024-жылдын 1-январына карата өздөштүрүлбөгөн калдыгы 15 004,3 миң сомду, 2024-жылдын 31-декабрына карата өздөштүрүлбөгөн калдыгы 20 569,2 миң сомду түзүп, 5 564,9 миң сомго көбөйгөн. Атайын эсептин өздөштүрүлбөгөн калдыгынын көбөйүүсү, акы төлөө кызматтарынын прейскурантын кайра кароону талап кылат. "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренесинин 5-пунктунда "акы төлөө өлчөмү

мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркынан ашпоого тийиш" экендиги көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

Жыл аягында Тарых музейинин атайын эсебинде олуттуу суммадагы калдыктар бар.

**Сунуштама**

Атайын эсептеги акча каражаттарынын калдыктарын түзүүнүн себептерине талдоо жүргүзүлсүн. Анализдин жыйынтыгы боюнча прейскурантты кайра карап чыгуу зарылчылыгы каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлунун №139 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинде “мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтүшөт” деп көрсөтүлгөн.

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомунун 87-92-пункттарында башталгыч музыкалык жана искусство тармагында билим берүү акысыз экендиги, ал эми квотадан (мамлекеттик заказдан) тышкары башталгыч билим берүүгө акы төлөнө тургандыгы белгиленген.

Жогорудагы ченемдик укуктук актылардын талаптарына шайкеш келбеген, бүгүнкү күнгө чейин жокко чыгарылбаган КР Өкмөтүнүн 1996-жылдын 17-январындагы №25 токтому боюнча райондук башталгыч музыкалык жана искусство мектептеринде окуган окуучулардан төлөм акылары алынып келген.

Аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында **Ак-Суу райондук маданият бөлүмүнүн башталгыч музыкалык жана искусство мектебинде** 240,1 миң сомго, **Тон райондук маданият бөлүмүндө** 164,3 миң сомго**,** Кажы-Сай айлындагы балдар музыкалык мектебинде 137,8  миң сомго, **Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектебинде 374,5 миң сом,го Кочкор районундагы М.Мусулманкулов атындагы балдар искусство мектебинде 519,0 миң сомго** төлөм акылары алынган.

**Баткен, Кадамжай, Ноокат, Лейлек райондук маданият бөлүмүнө караштуу Балдар музыкалык мектептеринде жана Кулунду айылдык балдар искусство мектебинде** окуучулардан алынуучу төлөм акынын өлчөмү ата-энелер комитеттери тарабынан кабыл алынган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлунун №139 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинде жана КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын

ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомунун 87-92-пункттарында белгиленген талаптарга шайкеш келбеген, бүгүнкү күнгө чейин жокко чыгарылбаган КР Өкмөтүнүн 1996-жылдын 17-январындагы №25 токтому боюнча райондук башталгыч музыкалык жана искусство мектептеринде окуган окуучулардан төлөм акылары алынып келген.

**Сунуштама**

КР Өкмөтүнүн 1996-жылдын 17-январындагы №25 токтому боюнча райондук башталгыч музыкалык жана искусство мектептеринде окуган окуучулардан төлөм акыларын алуу маселесин Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлунун №139 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинде жана КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомунун 87-92-пункттарында белгиленген талаптарга шайкеш келтирүү каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен бекитилген Аткаруу бийлик органдары, алардын структуралык бөлүктөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү системалаштырылган реестринен кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу колдонуу максатында 2023-жылдын 27-октябрында №790 сандуу "Театралдык оюн-зоок мекемелеринин залдарын акы төлөө жолу менен берүү жөнүндө" буйрук чыккан. **С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры"** мекемесинде 2024-жыл мезгил аралыгында 16 ар кандай иш чаралар акысыз өткөрүлгөн, жалпысы болуп 2024-жыл мезгил аралыгында **74,0 миң сомдук** атайын каражаттардын бюджеттик жоготуулар болгон.

Ошондой эле **"Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры"** мекемесинде 24 ар кандай иш чаралар акысыз өткөрүлгөн. Анын ичинен белгилеп кетсек, Нарын шаардык мэриясынын мэри К.Тутуевдин кайрылуусу боюнча 2024-жылдын 25-октябрында "Эмгеги жерин данктаган-мээнетин эли мактаган" сынагын өткөрүүгө жана Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын төрагасынын орун басары К.Ш. Сейдалиевдин кайрылуусу боюнча 2024-жылдын 17-сентябрында "Кыргыз тануу" окуу курсун өткөрүүгө жана башка ушул сыяктуу иш чаралар өткөрүлүп атайын каражаттар боюнча бюджеттик жоготуулар болгон.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2023-жылдын 27-октябрында №790 сандуу "Театралдык оюн-зоок мекемелеринин залдарын акы төлөө жолу менен берүү жөнүндө" чыккан буйрук, "С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры"

мекемеси, “Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” мекемеси тарабынан жетекчиликке алынган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2023-жылдын 27-октябрында №790 сандуу “Театралдык оюн-зоок мекемелеринин залдарын акы төлөө жолу менен берүү жөнүндө” чыккан буйрук жетекчиликке алынсын, акысыз иш чаралар берүү токтотулсун.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Маданият жөнүндө” Мыйзамынын 40-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” 2.4-пунктунун талаптары сакталбастан Ат-Башы райондук маданият бөлүмү 2024-жылы “Таш-Рабат” кербен сарайына кирүү тарифтеринин прейскурантты жогору турган орган тарабынан макулдашылбастан жалпы **451,9** миң сомго, М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында **793,5** миң сомго кызмат көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

“Таш-Рабат” кербен сарайына кирүү тарифтеринин прейскуранты жогору турган орган тарабынан макулдашылбастан жалпы **451,9** миң сомго, М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында **793,5** миң сомго кызмат көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Ат-Башы райондук маданият бөлүмү, М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театры тарабынан акы төлөнүп кызмат көрсөтүүнүн тарифтеринин прейскурантты бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” талаптары так аткарылсын.

**Штаттык ырааттамалардын, эмгек акы төлөө шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды**

Министрликтин борбордук аппаратында КР Президентинин 01.08.2022-жылдагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жана 2022-жылдын 2-февралындагы ПЖ №25 “Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага пайыздык үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Жарлыктары сакталбастан, бир кызматкерге мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызматта кызмат

өтөгөндүгү үчүн тиешелүү 10%дын ордуна кызматтык маянага 40% үстөк белгиленип 2024-жылдын 1-мартынан 31-декабрына чейин стажы үчүн ашыкча пайыздык төлөм 121,5 миң сом жана 21,0 миң сом социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилип төлөнгөн.

**Корутунду**

Бир кызматкерге мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызматта кызмат өтөгөндүгү үчүн 2024-жылдын 1-мартынан 31-декабрына чейин стажы үчүн ашыкча пайыздык төлөм 121,5 миң сом жана 21,0 миң сом социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилип төлөнгөн.

**Сунуштама**

Министрликтин борбордук аппаратында 02.02.2022-жылдагы ПЖ №25 “Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага пайыздык үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Жарлыктын талаптары так сакталсын жана кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн ашыкча пайыздык үстөк акы төлөөгө жол берилбесин.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 29-ноябрындагы №699 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун каражаттарын пайдалануу тартиби жөнүндөгү” жобонун 6-пунктунун 1-абзацына ылайык, мамлекеттик кызматкерлердин кесиптик майрамына карата атайын эсептен эмгек акы өлчөмүндөгү сый акы менен сыйлоо жөнүндө 2024-жылдын 19-июнунда №125 буйругу чыгарылган. Аныгында сый акы, эмгек акы өлчөмүндө эсептелбестен андан ашыра эсептелип, жалпы **261,0** миң сом ашыкча төлөмдөргө жол берилген, анын ичинен эмгек акы фонду 222,6 миң сомду, социалдык фондго чегерүүлөр 38,4 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, жобонун 2-бөлүмүндө он үчүнчү эмгек акы төлөмү каралган эмес. Бирок министрликтин буйругу боюнча, 2024-жылы декабрь айында борбордук аппараттын техникалык тейлөөчү жана кенже тейлөөчү 27 кызматкерге жалпы **240,4** миң сомго он үчүнчү эмгек акы төлөнүп берилген, анын ичинен эмгек акыга - 205,0 миң сом, социалдык фондго чегерүүлөргө 35,4 миң сом.

**Корутунду**

Атайын эсептен сый акы, эмгек акы өлчөмүндө эсептелбестен андан ашыра эсептелип, жалпы **261,0** миң сом ашыкча төлөмдөргө жол берилген, анын ичинен эмгек акы фонду 222,6 миң сомду, социалдык фондго чегерүүлөр 38,4 миң сомду түзгөн.

2024-жылы декабрь айында борбордук аппараттын техникалык тейлөөчү жана кенже тейлөөчү 27 кызматкерге жалпы **240,4** миң сомго он үчүнчү эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 29-ноябрындагы №699 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунун каражаттарын пайдалануу тартиби жөнүндөгү" жобонун талаптары так сакталсын, сый акы төлөө буйругунда белгиленген өлчөмдөн ашык төлөмдөргө жол берилбесин, тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасы 2024-жыл ичинде 70 адам менен убактылуу эмгек келишимдерин түзүп, аларга **3 253,0** миң сом эмгек акыларын төлөп берген. Бирок убактылуу эмгек келишимдери менен иштеген кызматкерлерге табель толтурулган эмес. Ошондой эле келишимдин негизинде иштеген кызматкерлер же кызмат көрсөткөн адамдар аткарган жумуштары боюнча иш аткаруу отчеттору тапшырылган эмес.

Мамлекеттик ишканасынын Жамааттык келишими түзүлгөн эмес. Ишкананын Уставында дагы сый акылар боюнча көрсөтүлгөн же белгиленбей туруп, мамлекеттик ишкана 2024-жылы ишмердүүлүгүнүн натыйжасында 32 964,6 миң сом өлчөмүндө чыгашага учураган учурда дагы 12 кызматкерге директордун буйругу жана кварталдык 864,2 миң сом сый акы төлөнүп берилген.

**Корутунду**

Убактылуу эмгек келишимдери менен иштеген кызматкерлер аткарган жумуштары боюнча иш аткаруу отчёттору тапшырылган эмес.

Мамлекеттик ишкана 2024-жылы ишмердүүлүгүнүн натыйжасында 32 964,6 миң сом өлчөмүндө чыгашага учураган учурда кварталдык 864,2 миң сом сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасы:

Мындан ары убактылуу эмгек келишимдин негизинде иштеген же кызмат көрсөткөн адамдардан ишти аткаруу отчёттору алынуусу катуу көзөмөлгө алынсын;

Кызматкерлерге төлөнүүчү сый акыларды Ишкананын абалына жараша Жамааттык келишимге киргизүү менен төлөп берүү жагын контролго алсын.

**Аныкталды**

КР Министрлер Кабинетинин "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" 2022-жылдын 30-мартындагы № 185 токтомунун 3-пунктунда "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине дем берүүчү эмгек акы фондунсун ведомстволук мекемелерде – өндүрүмдүүлүгү, жогорку квалификациясы, функционалдык милдеттерин сапаттуу аткаргандыгы жана олуттуу иш тажрыйбасы үчүн эмгек акы төлөө фондунун чегинде жалпы эмгек акы фондунун 30 пайызына чейинки өлчөмүндө" түзүү тапшырылган. Кыргыз Республикасынын Маданият,

маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 2-декабрындагы №680 буйругу менен бекитилген "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жобосунда дем берүүчү эмгек акы фондусу бюджеттик ассигнованиянын эсебинен түзүлө тургандыгы көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жобонун 15-пунктунда "эмгектин сапаттуу натыйжалары үчүн үстөк акылар мекеменин атайын эсебинин каражаттарынан 30 пайыздан ашпаган өлчөмдө эмгек акы фондунун чегинде төлөнө тургандыгы көрсөтүлгөн.

2024-жылы бюджеттик каражаттардын эсебинен эмгек акыга кошумча шыктандыруучу төлөм Социалдык фондго чегерүүлөрдү кошуу менен Кыргыз мамлекеттик циркте 4300,1 миң сомго, Улуттук филармониясында 7 027,1 миң сомго, Тарых музейинде 660,8 миң сомго, Куурчак театрында **318,9** миң сомго, Кинематография департаментинде 324,8 миң сомго, «Кыргызсериал» мекемесинде 1249,9 миң сомго эсептелген.

**Сунуштама**

Маданий мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 2-декабрындагы №680 буйругу менен бекитилген "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жобосундагы дем берүүчү эмгек акы фондусун түзүү бөлүгүндө, КР Министрлер Кабинетинин "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" 2022-жылдын 30-мартындагы № 185 токтому менен бекитилген "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жобонун 15-пунктунда шайкеш келтирүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" 30.03.2022-жылдагы № 185 токтому менен бекитилген "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" Жобонун эмгектин сапаттуу натыйжалары үчүн үстөк акылар мекеменин атайын эсебинин каражаттарынан **30** пайыздан ашпаган өлчөмдө эсептөө талаптары сакталбастан, 2024-жылы эмгек акыга кошумча шыктандыруучу төлөмдөр «Кыргызсериал» мекемесинде - 203 7,7 миң сомго, "Барпы атындагы Жалал-Абад облустук кыргыз драма театры" мекемесинде 845,1 миң сомго ашыкча эсептелген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 185 "Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат,

спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 2-декабрындагы №680 буйругу менен бекитилген “Маданият жана искусство мекемелеринин кызматкерлерине шыктандыруучу төлөмдөрдүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан, өндүрүмдүүлүгү, жогорку квалификациясы, функционалдык милдеттерин сапаттуу аткаргандыгы үчүн кызматкерлердин ишмердүүлүгү эч кандай баалоо системасы жок жетекчинин буйругу боюнча эмгек акыга кошумча шыктандыруучу төлөмдөр (сый акы) Социалдык фондго чегерүүлөр менен бирге Академиялык драма театрында **1296,8** миң сомго, Улуттук китепканада **5 859,1** миң сомго, "Сулайман-Тоо" комплексинде **2 367,3** миң сомго эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама**

Эмгек акыга кошумча шыктандыруучу төлөмдөрдү эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2022-жылдын 2-декабрындагы №680 буйругу менен бекитилген “Маданият жана искусство мекемелеринин кызматкерлерине шыктандыруучу төлөмдөрдүн тартиби жана шарттары жөнүндө” жобонун талаптарын так сактоо камсыздалсын, негизсиз жана ашыкча төлөөлөргө жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Мамлекеттик циркинде 2024-жылы эки артист май айынан баштап башка жак менен келишим түзүп гастролго чыгып кетишкен. Ушул артисттерден атайын каражаттын эсебине гастролдон тапкан кирешесинин бир бөлүгү киреше болуп түшүп турган. Бул артисттер гастролдо болсо дагы 2024-жылы майдан баштап-декабрь айын чейин табелге көрсөтүлүп бюджеттен эмгек акы негизсиз эсептелип турган. Жыйынтыгында алардын эмгек акысы 69,3 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Мамлекеттик циркинде 2 артисттин башка уюм гастролго барган учурда, иш убактысын эсепке алуу табелдери боюнча төлөнгөн 69,3 миң сом.

**Сунуштама**

Цирк артисттери жеке тартипте гастролго чыккан учурда, эмгек акы төлөө шарттары аныкталсын. Эки артистке башка уюм менен гастролго барган учурда, иш убактысын эсепке алуу табелдери боюнча төлөнгөн 69,3 миң сомду кайтарып алуу маселеси каралсын.

**Аныкталды**

Искусство университетинде, айрым кызматкерлерге бош кызмат орундарын айкалыштырып иштегендиги үчүн 0,75 ставкага чейин кошумча эмгек акы төлөнүп, КР Эмгек кодексинин 332-беренесинин[3] айкалыштырып иштөө боюнча адамдар үчүн иш берүүчү тарабынан белгиленүүчү жумуш убактысынын узактыгы күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого

[3] КР 2025-жылдын 23-январындагы № 24 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту

тийиш экендиги сакталбастан Эмгек кодексинде белгиленген ченемден ашык эсептелген эмгек акы чыгымы 170,7 миң сомду, Социалдык фондго чегерүүлөр - 29,4 миң сомду түзгөн.

БХОдо "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 токтомунун 12-тиркемеси боюнча бекитилген окуу жайдын штаттык ырааттамасында окуу жайдын ишине ылайык келген штат бирдиктери каралбагандыктан, айрым кызмат орундарына башка кызматтык милдеттери бар адамдар алынган. 2024-жылы атайын эсептен сый акы төлөмү каралбагандыгына карабастан эсепчисине 16,7 миң сомго сый акы эсептелген.

**Корутунду**

Искусство университетинде кызматтарды айкалыштыруу боюнча Эмгек кодексинин талаптарын сактабайт.

БХОдо айрым кызмат орундарына башка кызматтык милдеттери бар адамдар алынган.

**Сунуштама**

Эмгек кодексинин[4] 164-беренесинде көрсөтүлгөн айкалыштырып иштөө боюнча адамдар үчүн иш берүүчү тарабынан белгиленүүчү жумуш убактысынын узактыгын сактоо камсыздалсын.

Ч.Базарбаев атындагы Бишкектеги хореографиялык окуу жайында "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 токтомунун 12-тиркемесине окуу жайдын ишине ылайыктуу штат бирдиктерин киргизүү сунушталсын, атайын эсептен каралбаган сый акы төлөмдөрүн төлөөгө жол берилбесин.

**Аныкталды**

А.Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында эмгек акыга каралган бюджеттик каражаттан кызматкерлерге эмгек акы беренесинен негизсиз ченемсиз авансалык төлөмдөрдү жүргүзүү менен 2024-жылдын аягына 13 кызматкердин дебитордук карызы **1 467,6** миң сомду түзгөн. Бул карыздарды убагында жоюу боюнча жетекчилик- бухгалтерия тарабынан чаралар көрүлгөн эмес. Ал эми 2025-жылга дебитордук карыздар көрсөтүлгөн эмес. Аудиттин жүрүшүндө чаралар көрүлүп, эмгек акыдан карыз жалпы **1 232,9** миң сом бюджетке кайтарылды. Өндүрүлбөй калган сумма 234,7 миң сом же 19,0%. Андан сырткары Театрдын 2024-жылдын 19-июнундагы №19 буйрук ылайык жарым жылдын жыйынтыгы боюнча белгиленген сааттан ашыкча жумуш аткарып жаткандыгына байланыштуу үнөмдөлгөн эмгек акы фондунан 1 айлык эмгек акы өлчөмүндө жетекчи менен башкы бухгалтер өздөрүнө жана жалпы алты кызматкерге 321,1 миң сом сыйлык негизсиз эсептелип берилген.

**Корутунду**

[4] 2025-жылдын 23-январындагы редакцияда

А.Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында 2024-жылдын аягына 13 кызматкердин дебитордук карызы **1 467,6** миң сомду түзгөн. 2025-жылга дебитордук карыздар көрсөтүлгөн эмес. Андан сырткары эмгек акы фондунан 1 айлык эмгек акы өлчөмүндө 321,1 миң сом сыйлык негизсиз эсептелип берилген.

**Сунуштама**

Негизсиз жана ашыкча төлөөлөргө жол берген кызматкерлерге тиешелүү чаралар көрүлсүн, өндүрүлбөй калган сумма 234,7 миң сом өндүрүлсүн.

**Аныкталды**

“Кыргызреставрация” мекемеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартиби» жөнүндө 2024 – жылдын 19 – мартындагы № 123 токтому менен бекитилген тартибинин талаптары сакталбастан 2024 – жылы жамаатынын 8 кызматкерине **81,6** миң сом жана 10 кызматкерге 31,0 миң сом, жалпы 112,6 миң сомго 13 – чү эмгек акы төлөнгөн. Анын Социалдык фондго төлөмү 14,1 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

“Кыргызреставрация” мекемеси он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартиби жөнүндө талаптары сакталбаган.

**Сунуштама**

“Кыргызреставрация” илимий изилдөө долбоорлоо институту» мамлекеттик мекемесинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартиби» жөнүндө 19.03.2024 – жылдагы № 123 токтомунун талаптары сакталсын жана кемчиликтерге жол берилбесин.

Негизсиз төлөөлөргө жол берген кызматкерлерге тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Талас райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 22.01.2024 – жылдагы № 1 – б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” жобонун талаптары аткарылбай Талас райондук маданият бөлүмүнүн 2024 – жылы эки кызматкерлерине жалпы ашыкча **7,2** миң сом эмгек акы төлөнгөнү аныкталып, аудит учурунда ордуна коюлду.

Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинде 2024 – жылдын аягында эмгек акыдан аванс катары алынган 33 кызматкерлердин **147,8** миң сомдук эмгек акылары боюнча карыздары 2024 – жылга түзүлгөн бухгалтериялык балansта көрсөтүлбөй калган жана 2025 – жылга бекитилген чыгаша бюджетинде эске алынбаган. Социалдык фондусунун төлөмү **25,5** миң сомду түзгөн (аудит учурунда толук бюджетке которулду).

Жумгал музыкалык драма театрынын 2 (эки) кызматкерге аванс катары берилген жалпы **55,3** миң сом акча каражаты жыл ичинде аталган кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган эмес. Калыбына келтирилди.

Жумгал райондук маданият бөлүмүнүн тарыхый-этнографиялык музейинин кызматкерлерине 12,2 миң сом, борборлоштурулган китепкана кызматкерлерине 3,9 миң сом, маданият үйүнүн кызматкерлерине 22,1 миң сом, Жаңы-Арык балдар искусство мектебинин кызматкерлерине 20,8 миң сом, Миң-Куш балдар искусство мектебинин кызматкерлерине 4,8 миң сом, С. Рысманбетова атындагы балдар искусство мектебинин кызматкерлерине 16,0 миң сом, жалпы **79,8 миң сом** эсебинде аванс берилип, бирок жыл ичинде аталган кызматкерлерден эмгек акысынан кармалган эмес.

**Корутунду**

Талас райондук маданият бөлүмүндө ашыкча **7,2** миң сом эмгек акы төлөнгөнү аныкталды.

Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинде **147,8** миң сомдук эмгек акылары боюнча карыздары 2024 – жылга түзүлгөн бухгалтериялык баланста көрсөтүлбөй калган жана. Жумгал музыкалуу драма театрынын, Жумгал райондук маданият бөлүмүнүн жана тарыхый-этнографиялык музейинин аванс катары берилген акча каражаты жыл ичинде аталган кызматкерлердин эмгек акысынан кармалган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын каржы Министрлигинин 22.01.2024 – жылдагы № 1–б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” жобонун талаптары так сакталсын жана кемчиликтерге жол берилбесин.

**Аныкталды**

Талас облустук музыкалык - драма театрынын бир кызматкерге эмгек өргүүсүнүн ордуна буйругунун негизинде компенсация төлөнгөн. Эмгек өргүүсүнө чыкпай ошол күндөргө толук иштеди болуп эмгек акы бир ай үчүн 22 күн иштеди болуп 25,8 миң сом жана 31 күнгө 27,3 мин сом эмгек өргүүсү төлөнгөн. Жыйынтыгында, КР Эмгек Кодексинин 75 беренесинин 4 пунктусун бузууларга жол берилип негизсиз **12,9** миң сом ашыкча төлөнгөн. Ошондой эле, Талас облустук музыкалык - драма театрынын эки эмгек өргүүсү төлөнүп берилген. Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 75 беренесинин 4 пунктунун бузууларга жол берилип **11,1** миң сом ашыкча компенсация деп төлөнгөн. Ашыкча эсептелинген эмгек өргүүсүнүн социалдык фондусунун төлөмү **4,2** миң сомду түзгөн (аудит учурда 24,0 миң сом өндүрүлүп бюджетке толук которулду).

Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониянын мурдакы директору Э.Балтагулов өзүнүн буйругу менен 0,5 ставкада өлчөмүндө жогорку категориядагы оркестр артисти кызматында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 167- беренесине шайкеш келбестен

2024-жылдын январь-апрель айларында негизги кызматына айкалыштырып иштөөдөн жалпы 24,8 миң сом эмгек акы эсептелинип, киреше салыгы, социалдык төлөмдөрү жана профсоюз төлөмү кармалып картасына 20,1 миң сом эмгек акы которулуп берилген.

Өзгөн райондук маданият бөлүмүнүн маданият үйүнүн Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 4-августундагы Эмгек кодексинин 99 беренесине негиз айкалыштырып иштөө, жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш деген талаптары бузулуп короо шыпыргыч жана күзөтчү кызматында 2 (эки) штаттык бирдикте Л.Абдуллаев иштеген. 2024-жылда 1,5 ставкадан ашыкча иштеген кызматкерге эсептелген эмгек акы 42,2 миң сом, социалдык төлөмдөрү 7,3 миң сом, жалпы **49,5** миң сом төлөнгөн.

**Корутунду**

Маданият мекемелер Эмгек кодексин талаптарын толук сакташпайт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

М.Абдраев атындагы мектеп-интернатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №181 сандуу "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 681 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-январындагы № 17 токтомунда белгиленген ченемдер сакталбастан музыкалык жана жалпы билим берүү жаатындагы окутуучулардын жумалык жүктөм сааты 36 сааттан ашып, натыйжада белгиленген өлчөмдөн **1 374,6** миң сом эмгек акы ~~ашыкча~~ эсептелген. Анын ичинен эмгек акы 1 172,4 миң сом, Социалдык төлөм 202,2 миң сом.

**Корутунду**

М.Абдраев атындагы мектеп-интернатында музыкалык жана жалпы билим берүү жаатындагы окутуучулардын жумалык жүктөм сааты 36 сааттан ашып, натыйжада белгиленген өлчөмдөн **1 374,6** миң сом эмгек акы ашыкча эсептелген.

**Сунуштама**

Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатынын окутуучулары үчүн эмгек акыны эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №181 сандуу "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2022-жылдын 16-декабрындагы № 681 жана 2024-жылдын 23-январындагы №17 токтомдорунун белгиленген ченемдери сакталсын.

**Аныкталды**

Н.Давлесов атындагы колледжинде орто кесиптик окуу жайларынын типтүү чектелген штаттарынан сырткары 4 ашыкча штаттык бирдикти кошуп алуу менен штаттык бирдик түзүлүп бекитилип, аларга 231,6 миң сом эмгек акы жана 39,9 миң сом социалдык фондго төлөмдөр, жалпы **271,5** миң сом төлөнүп берилген.

**Корутунду**

Н.Давлесов атындагы колледжинде 4 ашыкча штаттык бирдикти кошуп алуу менен штаттык бирдик түзүлүп бекитилди.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августу №495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомундагы штаттык бирдик ченинен ашырылбасын.

**Аныкталды**

Москва райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 99-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомуна ылайык "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун" 6-бөлүмүнүн 29-пунктунун талаптары сакталбастан 2024-жылы март айынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин хореограф мугалими жана маданият үйүнүн хореограф кызматында 0,5 штаттык бирдикте 2024-жылы толук эмгектенген, жалпы 75,3 миң сом эмгек акы жана социалдык төлөмдөргө 13,0 миң сом чыгымдалган.

**Корутунду**

Москва райондук маданият бөлүмүндө хореограф мугалими жана маданият үйүнүн хореограф кызматында 0,5 штаттык бирдикте 2024-жылы толук эмгектенген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомуна ылайык "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун" талаптары так сакталсын.

**Аныкталды**

Улуттук консерваториясында Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" жана кошумча төлөмдөр 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө» токтому менен бекитилген жобонун талаптары сакталбастан 2024-жылда атайын каражаттардын эсебинен 193,4 миң сом ашыкча эмгек акы төлөнгөн, социалдык төлөмдөрү 33,4 миң сом, жалпы **226,8** миң сомду түзөт.

**Корутунду**

Улуттук консерваториясында 2024-жылда атайын каражаттардын эсебинен 193,4 миң сом ашыкча эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

“Калый Молдобасанов атындагы улуттук консерваториясы” мекемесинде кызматкерлерине карата эмгек акыны жана кошумча төлөмдөрдү чегерүүдө Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” 27.04.2015-жылдагы №258 «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө» токтомунун талаптары сакталсын жана атайын каражаттардын эсебинен кошумча эмгек акы төлөө токтотулсун.

**Аныкталды**

"Сулайман-Тоо" комплексинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августу №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптары бузулуп, атайын каражаттардын эсебинен ашыкча кармалган штаттык бирдиктерге 1 736,5 миң сом төлөнгөн, социалдык төлөмдөрү 299,6 миң сом, жалпы **2036,1** миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

"Сулайман-Тоо" комплексинде атайын каражаттардын эсебинен ашыкча кармалган штаттык бирдиктерге 1 736,5 миң сом төлөнгөн,.

**Сунуштама**

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин мекемесинде кызматкерлерине карата штаттык бирдиктерин түзүүдө, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августу №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын жана ушуга жол берген тийиштүү кызматкердин, башкы директордун жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августу №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомунун 4-тиркемесинде облустук филармонияга 150 штаттык бирдик каралгандыгына карабастан токтомдун талаптары сакталбастан, 2024-жылы 12 эмгек келишими түзүлүп катталган, ар кандай концерттик иш чараларды, отчеттук концерттерди өткөрүүгө 416,4 миң сом, социалдык төлөмдөрү 72,0 миң сом, жалпы **488,4** миң сом төлөнгөн.

**Корутунду**

Ош облустук филармониясында 2024-жылы 12 эмгек келишими түзүлүп катталган, ар кандай концерттик иш чараларды, отчеттук концерттерди

өткөрүүгө 416,4 миң сом, социалдык төлөмдөрү 72,0 миң сом, жалпы **488,4** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

"Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы" мекемесинде кызматкерлерине карата штаттык бирдиктерин түзүүдө, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августу №495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын жана ашыкча эмгек келишимин түзүү токтотулсун.

**Аныкталды**

Кочкор райондук маданият бөлүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, драма театрынын артисти В.Алыкулова билими филолог болуп, же квалификациялык талаптарга жооп бербегендигине карабастан жалпы **149,5** миң сом эмгек акы эсептелген. Драма театрынын артисти В.Алыкулова 2024-жылдын октябрь айында өз каалоосу менен жумуштан бошотулган.

Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнүн Борборлоштурулган китепкана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство жана маалымат кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, квалификациялык талаптарга жооп бербеген, б.а. кызматтык ордуна билимдери туура келбеген кызматкерлерге жалпы суммасы **892,5** миң сом эмгек акы төлөнүп берилген.

**Корутунду**

Кочкор райондук маданият бөлүмүнүн драма театрынын артисти жана Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнүн Борборлоштурулган китепкананын кызматкери квалификациялык талаптарга дал келген жок.

**Сунуштама**

Кызматкерлерди жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндөгү" токтомунун талаптары так сакталсын.

**Соттун чечимдерин аткаруу**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябры № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамынын, 26-беренесинин 6-пунктуна негиз - эгерде сотто чечим кабыл алган адам тарабынан кызматчынын эмгек укуктары бузулганы далилденген жана анын натыйжасында соттун чечими боюнча жаранга мыйзамда каралган төлөмдөр төлөнүп берилген учурда, мамлекеттик орган, жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органы соттун чечиминин негизинде чечим кабыл алган адамдын эмгек акысынан ал келтирген зыяндын суммасын кармап калууга милдеттүү деген талаптары сакталбастан, Министрликтин эсебинен мурдакы 6 кызматкерлерге 972,6 миң сом, мамлекеттик жыйым 11,5 миң сом, жалпы 984,1 миң сом төлөнүп берилген.

«Кыргыз мамлекеттик Б. Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театры» мекемесининде 12.04.2023-жылдагы №15 буйругу Бишкек шаардык сотунун граждандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын жана Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун чечимдеринин негизинде мыйзамсыз деп табылып, жумушка калыбына келтирүү жана мажбурлап иштебей жүргөн мезгилдеги эмгек акысын өндүрүү боюнча кызматкердин пайдасына төлөнүп берилип **271,5** миң сом бюджеттик зыян келтирилген.

Ошондой эле «А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры» мекемесинин 15.03.2023-жылдагы буйругу Свердлов райондук сотунун чечиминин негизинде мыйзамсыз деп табылып, жумушка калыбына келтирүү жана мажбурлап иштебей жүргөн мезгилдеги эмгек акысын өндүрүү боюнча кызматкердин пайдасына төлөнүп берилип **366,7** миң сом бюджеттик зыян келтирилген.

**Корутунду**

Министрликтин эсебинен соттун чечими негизинде мурдакы кызматкерлерге жалпы 984,1 миң сом төлөнүп берилген.

«Кыргыз мамлекеттик Б. Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театры» мекемесинде жумушка калыбына келтирүү жана мажбурлап иштебей жүргөн мезгилдеги эмгек акысын өндүрүү боюнча кызматкердин пайдасына төлөнүп берилип **271,5** миң сом, «А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры» мекемесинде **366,7** миң сом бюджеттик зыян келтирилген.

**Сунуштама**

Кызматкерлерди жумуш ордунан бошотууда чечим кабыл алган адам тарабынан кызматчынын эмгек укуктарынын толук сакталышы камсыздалып, кызматкердин эмгек тартибин бузгандыгы толук далилденгенден кийин гана чечим кабыл алынсын.

Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 5-январындагы №1 “Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин” 2-бөлүгүнүн 1009-беренесинин 3-пунктуна ылайык күнөөлүү кызмат адамдарын аныктап, мамлекеттик бюджетке келтирилген 271,5 миң сом зыяндын ордун толтуруу боюнча тийиштүү регресстик өндүрүү жумуштарын жүргүзсүн.

**Иш сапар чыгымдарына аудит**

**Аныкталды**

Борбордук аппаратта Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча Жобосунун» 119 пунктунун

талаптарына ылайык, кызматкер кызматтык иш сапардан кайтканда үч жумушчу күндүн ичинде сарпталган сумма жөнүндө аванстык отчетту бухгалтердик кызматка берүүгө жана пайдаланылбаган аванстын калдыгын кассага кайтарууга милдеттүү. Бирок бул талаптар сакталбагандыктан 2024-жылдын 31-декабрына карата жоопкерчиликке алынган акча каражаттарынан кызматкерлердин дебитордук карызы **651,3** миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Борбордук аппаратта 2024-жылдын 31-декабрына карата жоопкерчиликке алынган акча каражаттарынан кызматкерлердин дебитордук карызы **651,3** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча Жобосунун» 119 пунктнун талаптарынын ылайык, бюджеттик мекеменин бухгалтердик кызматы эмгек мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгек акысынан кармап калууну жүргүзсүн.

**Аныкталды**

Борбордук аппаратта кызматкерлер кызматтык иш сапардан кайтып келгенден кийин Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча Жобосунун» 111 пунктуна ылайык транспорттук чыгымдарга, 112 пунктуна ылайык мейманканалык чыгымдарга, 113 пунктуна ылайык суткалык чыгымдарга тастыктоочу документтерин тиркебестен **467,8** миң сомго авансалык отчеттор кабыл алынып төлөнүп берилген. Аудит учурунда 368,6 миң сомдук иш сапар чыгымдары калыбына келтирилди.

**Корутунду**

Борбордук аппаратта кызматкерлер тастыктоочу документтерин тиркебестен **467,8** миң сомго авансалык отчеттор кабыл алынып төлөнүп берилген. Аудит учурунда 368,6 миң сомдук иш сапар чыгымдары калыбына келтирилди.

**Сунуштама**

**Министрликтин борбордук аппаратында** иш сапар чыгымдары тастыктоочу документтерсиз кабыл алынып, төлөнүп берилген **99,2** миң сомду ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.

Иш сапар чыгымдарын ишке ашыруу боюнча аванстык отчеттор Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык тапшырылсын.

**Аныкталды**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасы 2024-жылдын 19-апрелинде №14 ЦМ Астана шаарындагы "Айкөл Манас" эстелигин эки

президенттин катышуусунда ачуу аземин уюштуруп өткөрүү келишмин аткарууда иш-чаранын катышуучуларына иш сапар чыгымдарын төлөп берүүдө Н.Жакыпбековго 916,9 миң сом кассалык чыгыш ордери аркылуу берилип, төлөп берүү ведомосту 803,9 миң сомго тапшырылып, 113,0 миң сомго отчет берилбеген. 2024-жылдын 30-майында №17 ЦМ Эл аралык "Вахтанг театр менеджерлеринин фестивалына" кызмат көрсөтүү келишемин аткарууда А.З.Ташкулов жеке ишкерге 21,0 миң сом которулуп берилип, 12,0 миң сомго иш аткаруу актысы жана эсеп фактурасы тапшырылып, 9,0 миң сомго отчет берилбеген.

Аудит учурунда "Кыргыз маданият сервис" мамлекеттик ишканасынын 2024-жылы иштеген кызматкерлерине сапар чыгымдары жана башка чарбалык муктаждыктар үчүн жоопкерчиликке берилген акча каражаттары боюнча тапшырылган авансалык отчетторунун ичинен көрсөтүлгөн кызматтарга, сатылып алынган товарларга берилген квитанциялардын айырмачылыктарынын жалпы суммасы 7,3 миң сомду түздү.

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында сапар чыгымдарына бухгалтердик эсебин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтому менен бекитилген шарттар сакталбагандыктан Театрдын кызматкерлеринин сапар чыгымдарына берилген **1 035,0** миң сом арадан бир жыл эки ай өтсө да бүгүнкү күнгө тийиштүү авансалык отчёт берилбеген.

**Корутунду**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасында 122,0 миң сомго отчет берилбеген.

2024-жылы иштеген кызматкерлерине сапар чыгымдары жана башка чарбалык муктаждыктар үчүн жоопкерчиликке берилген акча каражаттары боюнча тапшырылган авансалык отчетторунун ичинен көрсөтүлгөн кызматтарга, сатылып алынган товарларга берилген квитанциялардын айырмачылыктарынын жалпы суммасы 7,3 миң сомду түздү.

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрдын кызматкерлеринин сапар чыгымдарына берилген **1 035,0** миң сом арадан бир жыл эки ай өтсө да бүгүнкү күнгө тийиштүү авансалык отчёт берилбеген.

**Сунуштама**

Сапар чыгымдарын эсебин алуу, төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүүсү камсыздалсын.

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишкана тарабынан Н. Жакыпбековдун жоопкерчилигине берилген 113,0 миң сом акча жана жеке ишкер А.З. Ташкуловдон 9,0 миң сом өндүрүлүп, бюджетке кайтарылсын. "Кыргыз маданият сервис" мамлекеттик ишканасы тарабынан

жоопкерчиликке берилген жалпы 7,3 миң сом акча каражатын өндүрүп, бюджетке кириштесин.

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрдын кызматкерлердин сапар кызматы боюнча 2024-жылдын жыйынтыгы менен 1893,5 миң сом дебитордук карыздары тактасын, анын ичинде сапар чыгымдарына берилген жалпы 1 035,0 миң сомго 2025-жылдын 9-ноябрында Отчет түзүлүп башкы бухгалтер тарабынан кабыл алынгандыгы эске алынсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузууга жол берилип, сапар чыгымдары боюнча 41,2 миң сом ашык төлөнүп берилген, анын ичинде: Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде **2,3** миң сом, Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүндө **5,6** миң сом, Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектебинде **2,8** миң сом, Тоң райондук маданият бөлүмүндө **8,4** миң сом, Жумгал музыкалуу драма театрында **22,1** миң сом ашык төлөнүп берилген (калыбына келтирилди).

**Корутунду**

Сапар чыгымдары боюнча 41,2 миң сом ашык төлөнүп берилген, анын ичинде: Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде **2,3** миң сом, Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүндө **5,6** миң сом, Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектебинде **2,8** миң сом, Тоң райондук маданият бөлүмүндө **8,4** миң сом, Жумгал музыкалуу драма театрында **22,1** миң сом ашык төлөнүп берилген (калыбына келтирилди).

**Сунуштама**

Иш сапар чыгымдарын төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун талаптары так сакталсын. Тиешелүү адамдардын эсебинен иш сапар чыгымдары боюнча ашык төлөнгөн 19,1 миң сом калыбына келтирилсин, анын ичинде: **Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде** - 2,3 миң сом, **Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүндө** - 5,6 миң сом, **Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектебинде** - 2,8 миң сом, **Тоң райондук маданият бөлүмүндө** - 8,4 миң сом.

**Социалдык фондго жана салык төлөмдөрүнө аудит**

**Аныкталды**

Министрликтин борбордук аппаратта 2024-жыл ичинде Салык кызматы тарабынан Салык декларациясын кабыл алууда төлөөлөрүнүн туура эмес эсептелгендиги жана салык төлөмдөрүн өз убагында которбогондугу үчүн, кошумча 5,5 миң сом туум жана 110,0 миң сом штраф, жалпы **115,5** миң сом эсептелип бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна жол берилген.

Талас райондук маданият бөлүмүндө 2024 – жылы эсептелинген эмгек акыдан Социалдык фондго **25,7** миң сом кем төлөнгөнү аныкталынып, аудит учурунда толук Социалдык фонго которулду.

“Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясы” мекемеси, мекеменин эсебинде акча каражаты болгондугуна карабастан салык төлөмдөрүнүн өз убагында төлөнбөгөндүгүнөн Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 85-берене 7-бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосуна ылайык жалпы **49,5** миң сомдук үстөк пайыз жана финансылык санкция эсептелинип, Салык кызматынын берилген билдирүүсүнө ылайык мекеме тарабынан төлөнүп берилип бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна алып келген.

Улуттук китепканасынын кызматкерлеринин эмгек акысынын киреше салыгы 2022-жылдын 18-январындагы №3 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин” талаптары сакталбастан республикалык бюджеттин пайдасына **34,4** миң сом аз которулган.

Жайыл райондук маданият бөлүмүндө 2024-жылдын апрель-декабрь айларына карата Салык кызматы тарабынан Салык декларациясын кабыл алууда пайдадан салык төлөмдөрүнүн туура эмес эсептелгендиги жана өз убагында тиешелүү бюджеттерге которулуп берилбегендиги аныкталып, кошумча **119,8** миң сомго туум жана штраф эсептелип Маданият бөлүмүнүн 88,6 миң сомдук жана музыкалык мектептин 31,2 миң сомдук бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна жол берилген.

**Корутунду**

Министрликтин борбордук аппаратта штраф, жалпы **115,5** миң сом эсептелип бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна жол берилген.

Талас райондук маданият бөлүмүндө Социалдык фондго **25,7** миң сом кем төлөнгөнү аныкталды.

Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясы**нда 49,5** миң сомдук үстөк пайыз жана финансылык санкция эсептелинип, Салык кызматынын берилген билдирүүсүнө ылайык мекеме тарабынан төлөнүп берилип бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна алып келген. Улуттук китепканасынын бюджеттин пайдасына **34,4** миң сом эмгек акысынын киреше салыгы аз которулган.

Жайыл райондук маданият бөлүмүндө салык төлөмдөрүнүн туура эмес эсептелгендиги жана өз убагында тиешелүү бюджеттерге которулуп берилбегендиги аныкталып, кошумча **119,8** миң сомго туум жана штраф эсептелип Маданият бөлүмүнүн 88,6 миң сомдук жана музыкалык мектептин 31,2 миң сомдук бюджеттик каражаттарынын жоготуусуна жол берилген.

**Сунуштама**

Салык төлөмдөрүн туура эсептөө жана аны өз убагында тиешелүү бюджетке которуу жагы бухгалтерия тарабынан жолго коюлсун.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" 17.07.2020 - жылдагы № 385 токтомунун талаптары толук сакталсын.

**Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепкананын** кызматкерлеринин эмгек акысынын киреше салыгын эсептөө жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин салык кызматына киреше салыктардын отчетторун тапшыруу Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык жүргүзүлсүн жана республикалык бюджеттин пайдасына **34,4** миң сом которулсун.

**Аныкталды**

Маданий мекемелеринде 31.12.2024-жылга карата Ала-Бука райондук маданият бөлүмүндө киреше салыгынан **145,8** миң сом, социалдык төлөмдөрдөн **402,2** миң сом, Чаткал райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **416,2** миң сом, киреше салыгынан **324,0** миң сом, Чаткал райондук балдар музыкалык мектебинде социалдык төлөмдөрдөн **351,1** миң сом, киреше салыгынан **77,5** миң сом, Токтогул райондук маданият бөлүмүндө киреше салыгынан **135,9** миң сом, Алай райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **299,8** миң сом, киреше салыгынан **185,9** миң сом, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **214,3** миң сом, киреше салыгынан **137,4** миң сом, “Барпы атындагы Жалал-Абад облустук кыргыз драма театры” мекемеси социалдык төлөмдөрдөн **170,0** миң сом, киреше салыгынан **14,6** миң сом, “Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясы” мекемеси социалдык төлөмдөрдөн **208,8** миң сом, киреше салыгынан **1,6** миң сом, Ноокен райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **185,8** миң сом, Сузак райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **6,0** миң сом, киреше салыгынан **15,7** миң сом, Улуттук маданий борборунда социалдык төлөмдөрдөн **358,8** миң сом, киреше салыгынан **2,5** миң сом, **жалпы** киреше салыгынан **1040,9** миң сом, социалдык төлөмдөрдөн **2613,0** миң сом, дебитордук карыздарды түзгөн ашыкча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүнө шайкеш келбестен, бухгалтердик баланстын дебитордук карыздар эсебине көрсөтүлбөгөн. Аудит убагында Ала-Бука райондук маданият бөлүмүндө киреше салыгынан 145,8 миң сом, социалдык төлөмдөрдөн 402,2 миң сом, социалдык төлөмдөрдөн Чаткал райондук маданият бөлүмүндө 416,2 миң сом, Чаткал райондук балдар музыкалык мектебинде 351,1 миң сом, киреше салыгынан Чаткал райондук маданият бөлүмүндө 324,0 миң сом жана Чаткал райондук балдар музыка мектебинде 77,5 миң сом, киреше салыгынан Токтогул райондук маданият бөлүмүндө 135,9 миң сом, Алай райондук маданият бөлүмүндө 299,8 миң сом, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн 214,3 миң сом, киреше салыгынан 137,4 миң сом, Кара-Кулжа райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн 103,9 миң сом, киреше салыгынан 16,3 миң сом, “Барпы атындагы Жалал-Абад облустук кыргыз драма театры” мекемеси социалдык төлөмдөрдөн 170,0 миң сом, киреше салыгынан 14,6 миң сом, “Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад

облустук филармониясы” мекемеси социалдык төлөмдөрдөн 208,8 миң сом, киреше салыгынан **1,6** миң сом, Ноокен райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн **185,8** миң сом, Сузак райондук маданият бөлүмүндө социалдык төлөмдөрдөн 6,0 миң сом, киреше салыгынан 15,7 миң сом, Улуттук маданий борборунда социалдык төлөмдөрдөн 358,8 миң сом, киреше салыгынан 2,5 миң сом дебитордук карыздар эсепке алынып калыбына келтирилди.

**Корутунду**

Маданий мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобого ылайык дебитордук карыздарды эсепке алынган жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобого ылайык дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалып, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча толук кандуу иш алынып барылсын.

**Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын эсеби жана абалы**

**Аныкталды**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын 4 362,0 миң сомду түзгөн негизги жана жүгүртүүчү каражаттары өткөрүп берүү жана кабыл алуу актылары өз убагында түзүлбөгөндүктөн Кыргыз мамлекеттик жаш көрүүчүлөр театрына, Циркке жана А.Осмонов атындагы музейине өткөрүлүп берилгендигине карабастан негизги каражаттар балансында эсепте турат.

**Корутунду**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын 4 362,0 миң сомду негизги каражаттары башка мекемелерге өткөрүлүп берилгендигине карабастан негизги каражаттар балансында эсепте турат.

**Сунуштама**

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын балансындагы негизги жана жүгүртүүчү каражаттарды Кыргыз мамлекеттик жаш көрүүчүлөр театрына, Циркке жана А.Осмонов атындагы музейине өткөрүп берүү актылары менен балансынан чыгышталсын.

**Аныкталды**

Мамлекеттик циркинин балансында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 04.10.2023-жылдагы №725 буйругу менен баланстык наркы көрсөтүлбөстөн бекер берилген баланстык наркы нөлгө барабар болгон 2002-жылы

чыгарылган BMW X5 автоунаасы бар. Ушул мезгилге чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-П буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик сектордогу уюмдар тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө жобонун" талаптары сакталбастан автоунаанын баланстык наркы адилеттүү наркы боюнча аныкталып эсепке алынбаган.

**Корутунду**

Мамлекеттик циркинде автоунаанын баланстык наркы адилеттүү наркы боюнча аныкталып эсепке алынбаганы аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2023-жылдын 4-октябрындагы №725 буйругу менен акысыз берилген 2002-жылы чыгарылган “BMW X5” авто унаасы Кыргыз мамлекеттик циркинин балансына алынсын.

**Аныкталды**

Мамлекеттик циркинде 07.04.2025-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ички аудит кызматы 01.01.2024-жылдан 31.12.2024-жылга чейинки мезгилдеги ички көзөмөл чөйрөсүнө аудит жүргүзүп негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоо учурунда Цирктин кампасында 827, 9 мин сомдук баланстык наркы бар товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги аныкталган. Документтик далилдердин жоктугунан улам, материалдардын Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өткөрүлүп берилиши документтештирилбеген.

**Корутунду**

Ички аудит кызматы Мамлекеттик цирктин кампасында 827, 9 мин сомдук баланстык наркы бар товардык-материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги аныкталган. Документтик далилдердин жоктугунан улам, материалдардын Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өткөрүлүп берилиши документтештирилбеген.

**Сунуштама**

Мыйзамда белгиленген тартипте аныкталган жетишсиздик боюнча 827,9 миң сом суммасындагы материалдарды, юридикалык баа берүү үчүн укук коргоо органдарына өткөрүп берүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Искусство университетинде негизги каражаттардын жана материалдык запастардын эсеби КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлбөстөн, Университеттин кире беришине "Торг Строй Снаб" ЖЧКсы тарабынан салынган курулмага чыгымдалган **844,6** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан, учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган.

Ошондой эле, Искусство университетинде 22211100 "Имарат жана курулмалардын учурдагы оңдоо чыгымдары" беренесинен "Помощь инвалидам Кей Джи" Коомдук бирикмесинен сатып алынган басма продукциялары жана кеңсе кагаздары "1С Бухгалтерия" программасынан алынган маалымат боюнча 2024-жылдын декабрь айында кириштелбестен туруп, чыгышталган. Аудитке 500,0 миң сомго университеттин жертөлөсүндө учурдагы оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгү тууралуу аткарылган иштердин актысы берилген.

Кыргыз улуттук “Манас” театрында жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын 31-декабрына карата кабыл алуу боюнча документтердин жоктугуна байланыштуу, 45 даана эмеректер бухгалтердик эсепке баалары жоктугунан киргизилген эмес. Аудиттин жүрүшүндө Театрдын директорунун 2025-жылдын 29-декабрындагы № 75 буйругу боюнча атайын комиссия түзүлүп, негизги каражаттар: Кеңсе жана турмуш-тиричилик мебель/техникалары комплектиси бааланып бухгалтердик балански алынууда.

"Сулайман-Тоо" комплексинде жүргүзүлгөн инвентаризация жыйынтыгы менен жалпы **11 427,3** миң сомдук баалуулуктар жетишпестик болгон.

**Корутунду**

Искусство университетинде кире беришине "Торг Строй Снаб" ЖЧКсы тарабынан салынган курулмага чыгымдалган **844,6** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган. Ошондой эле, "Помощь инвалидам Кей Джи" Коомдук бирикмесинен сатып алынган басма продукциялары жана кеңсе кагаздары 2024-жылдын декабрь айында кириштелбестен туруп чыгышталган. Аудитке 500,0 миң сомго университеттин жертөлөсүндө учурдагы оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгү тууралуу аткарылган иштердин актысы берилген.

Кыргыз улуттук “Манас” театрында 45 даана эмеректер бухгалтердик эсепке баалары жоктугунан киргизилген эмес.

"Сулайман-Тоо" комплексинде инвентаризация жыйынтыгы менен жалпы **11427,3** миң сомдук баалуулуктар жетишпестик болгон.

**Сунуштама**

Университетинин кире беришине салынган курулмага чыгымдалган **844,6** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштыруу менен эсепке алуу, негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин өз учурунда жана так жүргүзүү камсыздалсын.

Кыргыз улуттук “Манас” театрдын эмеректери балански кабыл алынсын.

11 427,3 миң сомдук жетишпестиктер калыбына келтирилсин. Аныкталган 11 427,3 миң сомдук жетишпестиктердин материалдары укук коргоо органдарына жөнөтүлсүн

**Аныкталды**

Негизги каражаттардын эсеби КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлбөстөн, БХОнын имаратынын 2-кабатынын балконуна чыгымдалган 228,4 миң сом, Кыргыз улуттук тарых музейинин ичине алюминий тосмолорун колдонуу менен 770,2 миң сомго салынган курулмалар (кабинеттер), имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган.

Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрдын имараты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №161-р токтому менен бекитилген “Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын” имаратын реконструкциялоо жана жабдуу менен камсыздоо боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы келишимдин алкагында жүргүзүлгөн реконструкциядан кийин, театрдын имаратын реконструкциялоо жана жабдуулардын чыгымдары жок болгондуктан, баланска кабыл алынган эмес.

Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун” талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттардын сакталышы боюнча материалдык жооптуу кызматкерлер менен келишимдер түзүлгөн эмес.

М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун” 177-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, театрдын жылытуучу системасын капиталдык оңдоп-түзөө жумуштарынын натыйжасында демонтаждалган жалпы суммасы **33,9** миң сомго 1598 м. же 4240,6 кг эски темир түтүктөр мекеменин балансына кириштелген эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду**

БХОнын имаратынын 2-кабатынын балконуна чыгымдалган 228,4 миң сом, Кыргыз улуттук тарых музейинин ичине алюминий тосмолорун колдонуу менен 770,2 миң сомго салынган курулмалар (кабинеттер), имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган.

Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрдын имаратынын реконструкциялоо жана жабдуулардын чыгымдары жок болгондуктан, баланска кабыл алынган эмес.

Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде материалдык жооптуу кызматкерлер менен келишимдер түзүлгөн эмес.

М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрдын жылытуучу системасын капиталдык оңдоп-түзөө жумуштарынын натыйжасында демонтаждалган жалпы суммасы **33,9** миң сомго эски темир түтүктөр мекеменин балансына кириштелген эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама**

ТМБды эсепке алуу жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун” талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун” талаптары так сакталсын.

Ч.Базарбаев атындагы Бишкектеги хореографиялык окуу жайында окуу жайдын имаратына кошумча курулмага чыгымдалган 228,4 миң сом, Кыргыз улуттук тарых музейинин ичине алюминий тосмолорун колдонуу менен 770,2 миң сомго салынган курулмалар (кабинеттер), имараттын баланстык баасына капиталдаштыруу менен эсепке алуу камсыздалсын.

Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрдын имараты жана негизги каражаттары баланска кабыл алынсын.

**Аныкталды**

Баткен райондук маданият бөлүмүнүн бухгалтердик балансында 4 автомашина бар, техникалык жактан жараксыз абалда. Министрлик тарабынан кайрадан эле борбордон 2025-жылдын 4-июлундагы № 28 “Эсептик накладной” менен ВАЗ-212140 НИВА мамлекеттик номери 24-35 ВС, заводдон 2012-жылы чыгарылган баштапкы баасы 520,7 миң сомдук (амортизациясы 520,7 миң сом) эски автомашина берилген. Азыркы убакта техникалык жактан жараксыз абалда.

**Корутунду**

Баткен райондук маданият бөлүмүнүн бухгалтердик балансында 4 автомашина турган азыркы убакта техникалык жактан жараксыз абалда.

**Сунуштама**

Баткен райондук маданият бөлүмүндө баланста турган, келтирилген көрсөткүчтөрү боюнча техникалык жактан эскилиги жетип, заводдон чыгарылганына 35-41 жыл болгон төрт автомашинаны Бухгалтердик баланстан чыгарууга Министрлик тарабынан белгиленген тартипте уруксат берилсин.

Министрликтин Борбордук аппараты тарабынан кайрадан эле эскирип, жешилип бүткөн автомашиналарды жана башка негизги каражаттарды

(комплект компьютер, ноутбук, оргтехника ж.б. жабдуулар) алыскы райондорго бөлүштүрүп берүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды**

2024-жылы Мамлекеттик цирки "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесин, ошондой эле Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана кызматтык унааларын пайдаланууну жөнөкөйлөтүү боюнча чаралар жөнүндө" №240 токтомун бузуп өндүрүлгөн күнүнөн тартып 10 жылдан ашык кызмат өтөгөн 2009-жылкы Mercedes-Benz Sprinter жүк ташуучу унаасын бир булактан 1 620,0 мин сомго, 15 жылдык кызмат мөөнөтү менен сатып алган.

**Кортунду**

2024-жылы Мамлекеттик цирки 10 жылдан ашык кызмат өтөгөн 2009-жылкы Mercedes-Benz Sprinter жүк ташуучу унаасын бир булактан 1 620,0 мин сомго, 15 жылдык кызмат мөөнөтү менен сатып алган.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын так аткаруу камсыздалсын.

**Аныкталды**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрына Министрликтин 2022-жылдын 21-декабрындагы №733 “Автоунааларды балանска алуу жөнүндө” буйругу менен, ТҮРКСОЙ уюму тарабынан белекке берилген жети автоунаанын бири: Даймлер Крайслер - 2002-жылы өндүрүштөн чыккан Баткен облустук А.Жайнаков атындагы музыкалык-драма театрына берилген. Бирок, техникалык паспорту жок, бухгалтердик балանска алынбаган.

Министрликтин “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканага таандык каттоо номери 01KG708BO, маркасы YUTONG ZK 6600 DQ (дизель), чыгарылган жылы 2025-жылкы жаңы автомашина Баткен шаарында Театрдын айдоочусунун үйүнүн жанында ачык асмандын алдында турат. Министрлик тарабынан автомашинаны максаттуу пайдалануу жөнүндө эч кандай көрсөтмө жоктугунан бухгалтердик балանска алынбаган.

Театрдын балансында 1990-жылы чыгарылган, баланстык баасы 225,0 миң сомдук АУДИ-100 автомашинасы бухгалтердик балանска катталган. 2022-жылы автомашина кырсыкка учурап, келтирилген зыян күнөөлүү тарап 225,5 миң сомду тийиштүү эсепке которгон. Бирок, автомашина бүгүнкү күнгө чейин Министрлик тарабынан баланстан чыгарылбаган.

**Корутунду**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрына Министрликтин буйругу менен автоунаа берилген. Бирок, техникалык паспорту жок, бухгалтердик балանска алынбаган.

Театрдын балансында 1990-жылы чыгарылган, баланстык баасы 225,0 миң сомдук автомашинасы бухгалтердик балանска катталган. 2022-жылы

автомашина кырсыкка учурап, келтирилген зыян күнөөлүү тарап 225,5 миң сомду тийиштүү эсепке которгон. Бирок, автомашина бүгүнкү күнгө чейин Министрлик тарабынан балансган чыгарылбаган.

**Сунуштама**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театры Министрликтин тарабынан берилген автомашиналарды балансқа алуу, автоаварияга учураган автомашинанын төлөмдөрү төлөнгөндүгүнө байланыштуу баланстан чыгаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Кадамжай райондук маданият бөлүмүнө Министрдин 2025-жылдын 14-январындагы № 7 буйругу менен Кадамжай райондук маданият бөлүмүнө 2025-жылдын 4-июлундагы № 29 "Эсептик накладной" менен ВАЗ-212140 НИВА мамлекеттик номери 01KG078BM, заводдон 2012-жылы чыгарылган; баштапкы баасы 520,7 миң сомдук (амортизациясы 520,7 миң сом) автомашина берилген. Азыркы убакта техникалык абалы капиталдык ондоого муктаж.

Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн Бухгалтердик балансында "Жигули -2101", чыгарылган жылы 1983-жыл эскилиги жеткен, баланс баасы 0,0 сом автомашинасы бар. Андан сырткары Министрдин 2025-жылдын 14-январындагы № 7 буйругу менен 2025-жылдын 4-июлундагы № 29 "Эсептик накладной" менен ВАЗ-212140 НИВА мамлекеттик номери 01KG076BM, заводдон 2012-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 520,7 миң сомдук (амортизациясы 520,7 миң сом) автомашина берилген. Азыркы убакта техникалык абалы капиталдык ондоого муктаж.

**Корутунду**

Кадамжай жана Ноокат райондук маданият бөлүмдөргө автомашиналар берилген, азыркы убакта техникалык абалы капиталдык ондоого муктаж.

**Сунуштама**

Райондук маданият бөлүмдөрүнүн балансынан эски унааларды эсептен чыгаруу Министрлик тарабынан маселеси караштырсын.

Министрликтин тарабынан кайрадан эле эскирип, жешилип бүткөн автомашиналарды жана башка негизги райондорго бөлүштүрүп берүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын" талаптары жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 22-январь 2024-жыл №1-П буйругунун тиркемелеринин "Чыгымдарды учетко алуу" 2-параграфынын 7 пункту сакталбастан "Сулайман-Тоо" комплексинде 2024-жылы 3112 «Машина жана жабдуулар» беренесинен сатып алынган 4 170,5 миң сомдук ТМБтар туура эмес бухгалтердик жазуудан улам бухгалтердик балансқа 3111 «Имараттар жана курулмалар» беренесине киргизилип баланстын №1 классификациясында көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

"Сулайман-Тоо" комплексинде сатып алынган 4 170,5 миң сомдук ТМБтар туура эмес бухгалтердик жазуудан улам бухгалтердик балансты 3111 «Имараттар жана курулмалар» беренесине киришнелип баланстын №1 классификациясында көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Тарыхый-маданий эстеликтерди коргоо боюнча республикалык инспекциясынын бухгалтериясы тарабынан 4170,5 миң сомго товардык материалдык баалуулуктарды Бюджеттик классификациясына ылайык балансына алынсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарына ылайык келбестен, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин мекемелеринде жана уюмдарында 2024-жылдын жыйынтыгы менен **535,0** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, анын ичинде: Борбордук аппаратта **181,1** миң сом, "Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы" мекемесинде **86,4** миң сом, БХОда **267,5** миң сом.

**Корутунду**

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин мекемелеринде жана уюмдарында 2024-жылдын жыйынтыгы менен **535,0** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес, анын ичинде: Борбордук аппаратта **181,1** миң сом, "Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы" мекемесинде **86,4** миң сом, БХОда **267,5** миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлигине 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча министрликтин мекемелеринде жалпы миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын жана миң сомго дебитордук карыздардын пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүлсүн.

**Кызматтык автотранспортту пайдалануусуна аудит**

**Аныкталды**

"Г.Айтиев атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт искусство музейи" мекемесинде "Тойота Камри-40" үлгүсүндөгү автоунаасына норманы туура эмес колдонуунун натыйжасында 246 литр, баасы **15,1** миң сомдук, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө 714 литр жалпы суммасы **44,8** миң сомго ашыкча күйүүчү май сарпталган.

**Корутунду**

“Г.Айтиев атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт искусство музейи” мекемесинде **15,1** миң сомго, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө **44,8** миң сомго ашыкча күйүүчү май сарпталган.

**Сунуштама**

Автранспорт каражаттарына чыгымдалган күйүү майлардын чыгымдоо нормасы боюнча көзөмөлгө алынсын, ашыкча чыгымдоого жол берген жоопту адамдардан эсебинен ордуна коюлсун, колдонууда болуп келген 28-июль 2016-жылкы №68 ички буйрук Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 30-декабрь 2015-жылдагы №366 буйругуна ылайык иштеп чыгылсын.

Кара-Суу райондук маданият бөлүмү мекемесинде авторанспорт каражаттарына чыгымдалган күйүү майлардын чыгымдоо жеке автоунааны колдонуу боюнча тиешелүү буйруктары чыгарылсын, тастыктоочу документтери жок чыгымдалган 44,8 миң сомдук күйүүчү май ордуна коюу маселеси каралсын.

**Аныкталды**

“Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясы” мекемесинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына шайкеш келбестен аймактарда, шаарларда концерттик программа өткөрүп келүү боюнча сапарга чыккандыгы жөнүндө жетекчинин тастыкточу буйругу жок болгондугуна карабастан жалпысы 2785 литр баасы **187,8** миң сомдук күйүүчү май негизсиз чыгымдоо болгон.

**Корутунду**

“Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясы” мекемесинде 2785 литр баасы **187,8** миң сомдук күйүүчү май негизсиз чыгымдоо болгон.

**Сунуштама**

**Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясында** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” жобого ылайык тиешелүү күйүүчү майдын чыгымдары так жана анык жүргүзүлүшү камсыздалсын, жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Жетекчинин тастыкточу буйругу жок туруп, чыгышталган 2785 литр, **187,8** миң сомдук күйүүчү май ордуна коюлсун.

**Аныкталды**

"Сулайман-Тоо" комплексинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдарын эсебин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген

жобонун талаптары сакталбастан 1561 литр, же 77,4 миң сомдук күйүүчү май 2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн бухгалтердик балансынын чийки жана материалдардын корлору (запасы) боюнча бухгалтердик баланстын № 3 тиркемесинде 31221130 эсебинде көрсөтүлбөй чыгышталган.

**Корутунду**

"Сулайман-Тоо" комплексинде 1561 литр, же 77,4 миң сомдук күйүүчү май түзүлгөн бухгалтердик балансынын чийки жана материалдардын корлору (запасы) боюнча бухгалтердик баланстын №3 тиркемесинде 31221130 эсебинде көрсөтүлбөй чыгышталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген жобонун талаптары сакталсын жана 77,4 миң сомдук күйүүчү май 2025-жылдын чыгаша сметасына тийиштүү өзгөртүүүлөрдү киргизүү менен, бюджетке кайтарылсын.

**"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы**

**Аныкталды**

"Эво Кейджи" ЖЧКму келишимдин талаптарын бузуп товарды 2024-жылдын аягына чейин алып келбегендигине байланыштуу, Министрликтин каттары менен кабарланган. Министрлик келишимди бир тараптуу бузган. Бирок, министрлик тарабынан Келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн Контракттын 6.2 пунктуна ылайык контракттын жалпы суммасынан 3% ашпаган өлчөмдө "Эво Кейджи" ЖЧКмуна айып пул эсептелбеген. Министрлик менен 12.12.2024-жылы түзүлгөн Контракты боюнча милдеттенмелер аткарылбагандыгына байланыштуу "Эво Кейджи" ЖЧКмунун министрликтин депозиттик эсебинде 03.12.2024-жылдан бери сакталып турган контракттын аткарылышына гарантиялык 3% өлчөмүндөгү төлөмү **142,0** миң сом, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамына жана Контракт шарттарына ылайык бюджетке которулбаган (аудит убагында которулду).

БХОда, Алай райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык сатып алуучу уюм сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүшпөгөн.

Ала-Бука райондук маданият бөлүмүндө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамы боюнча 2024-жылга жалпы сатып алуу планы 1712,8 мин сомго бекитилген, ал эми бөлүм боюнча сатып алуулар 1788,4 мин сомго жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 11-беренесинин 6-7-пунктуна ылайык кошумча планга киргизилбей, түз келишим сатып алуулары

порталында бюджеттик милдеттенме катары каттоо өткөрүлүп калгандыктан **75,6** миң сомдук сатып алуу ашыкча жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунда бекитилген бюджетке же чыгымдар сметасына ылайык чыгымдар беренесинде каралган суммага, товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук каталогу аркылуу жыл ичинде чыгымдардын ар бир беренеси боюнча 200 000 сомго чейин сатып алуу каралгандыгына карабастан бюджеттик каражат эсебинен сатып алууларда Ала-Бука райондук маданият бөлүмү тарабынан, жалпы **98,0** миң сомго, Чаткал райондук маданият бөлүмүндө **254,6** миң сомго, Токтогул райондук маданият бөлүмүндө **35,9** миң сомго, "Г.Айтиев атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт искусство музейи" мекемесинде 99,8 миң сомго, Алай райондук маданият бөлүмүндө **644,6** миң сомго, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө **176,1** миң сомго, "Барпы атындагы Жалал-Абад облустук кыргыз драма театры" мекемесинде **75,5** миң сомго ашыкча сатып алуулар жүргүзүлгөн.

Т.Сатылганов атындагы Ош областтык китепканасында, А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында, Ноокат райондук, Кадамжай райондук, Баткен райондук Маданият бөлүмүндө 2024-жылы сатып алуулар жаатында бир да адистин сертификаты жок. Сүлүктү шаардык маданият бөлүмүнүн Балдар искусство мектебинде бухгалтерлер сатып алуу жаатындагы адистин милдеттерин жетекчинин эч кандай буйрук жок эле, акы төлөнбөстөн аткарып келишкен.

Сатып алуулар комиссиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктунда көргөзүлгөн "Сатып алуучу уюм/агент берүүчүнүн сунушун, эгерде анда сатып алуу жөнүндө документтерден баяндалган мүнөздөмөлөрдөн, шарттардан жана башка талаптардан олуттуу түрдө өзгөрүлбөгөн же олуттуу түрдө четтебеген анча-мынча дал келбестиктер болсо, талаптарга жооп берет деп карашы мүмкүн деген талаптарды эске албастан, баасын арзан сунуштаган талапкерлер жеңүүчү деп табылбай, бааны жогорураак берген талапкерлер жеңүүчү деп ыйгаруунун натыйжасында Чаткал райондук маданият бөлүмүндө 4 лоттун жалпы баасы **34,4** миң сомго, Кара-Суу райондук маданият бөлүмүндө **4,4** миң сомго, кымбат баада сатып алуулар жүргүзүлгөн.

"Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театры" мекемесинде 2024-жыл мезгил аралыгында Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 сандуу "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 9-11-беренелеринин талаптары сакталбастан, мекемеде сатып алууларды жүргүзүүдө мамлекеттик сатып алуулардын планын өз алдынча иштелип чыгып, аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбаган жана кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, "С. Ибраимов

атындагы Ош улуттук драма театры” мекемесинде сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

“Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы” мекемесинде 2024-жыл аралыгында Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 сандуу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 9-11-беренелеринин талаптары сакталган эмес, тактап айтканда мекемеде сатып алууларды жүргүзүүдө мамлекеттик сатып алуулардын планын өз алдынча иштелип чыгып, аны мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбаган жана кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

“Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепкана” мекемесинде 2024-жыл аралыгында Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 17-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 сандуу “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин” 3-главасынын 22-пунктунда көрсөтүлгөн “Электрондук каталогдо сатып алуучу уюм/агент үчүн 200000 сомго чейинки суммага керектүү товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр жок болгон шартта, сатып алуучу уюм/агент берүүчүлөрдүн (экиден кем эмес) коммерциялык сунуштарын сурап алуу аркылуу сатып алат” деген талаптары толук эске алынбастан контракттар түзүлгөн.

"Сулайман-Тоо" комплексинде мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 сандуу “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому талаптары сакталбастан, чарба буюмдарын сатып алууга 158,0 миң сомго келишим түзүлгөн.

К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрында Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы 59,1 миң сомго товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган (билеттерди басып чыгаруу боюнча полиграфиялык иштер).

Ак-Талаа райондук маданият бөлүмүндө эмеректерди сатып алууда эң төмөн бааны сунуштаган жеткирүүчү тандалгандыктан, баалардын ортосундагы айырмачылыктан **6,0** миң сомго бюджеттик жоготууга алып келген.

Ат-Башы райондук маданият бөлүмүндө, Аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар

жөнүндө” Мыйзамынын (Бир булактан методу) 17-беренесинин 17-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, жалпы суммасы 145,9 миң сомго (компьютер, канцелярдык товар, чарба товарлары, көмүр) товарларды, жумуштарды жана кызматтарды бир булактан сатып алуу методу аркылуу мамлекеттик сатып алуулар конкурс жөнүндөгү кулактандыруулар веб-порталга жайгаштырылбастан жүргүзүлгөн.

Жумгал райондук маданият бөлүмүнүн аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, мамлекеттик сатып алуулар планы түзүлбөстөн, мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыяланбастан жалпы суммасы **557,9** миң сомго товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу жүргүзүлгөн.

Ат-Башы райондук Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектеби тарабынан Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары сакталбастан, сатып алуулар боюнча планы түзүлбөстөн, сатып алуулар боюнча сайтка жайгаштырылбастан жана мониторинг жүргүзүлбөстөн, 2024-жылы 8,4 миң сомго кызматтарды тикелей келишим түзүү менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

Нарын шаардык Ж. Шералиев атындагы балдар искусство мектебинде Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы 80,0 миң сомго товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

**Корутунду**

Маданият мекемелеринде Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын талаптары толук кандуу сакталбай жатат.

**Сунуштама**

Сатып алуулар Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамына ылайык жүргүзүлсүн.

Маданият мекемелеринде сатып алуулар боюнча адистерди даярдоону жана сертификациялоону камсыз кылсын.

Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

“Кыргыз Маданият Сервис” МИ менен түзүлгөн төмөндөгү келишимдер боюнча жумуштар убагында аткарылбаган. Алар: “Жамила” мюзиклин коюу боюнча №5/цм 14.03.2024-жыл 9565,2 миң сомго келишим түзүлүп, аткарылган иштердин актысы 17.02.2025-жылы 7528,7 миң сомго берилип, айырмасы 2036,5 миң сом акча каражаты 13.03.2025-жылы № 761 ТТ аркалуу “Кыргыз Маданият Сервис” МИ-сы тарабынан республикалык бюджетке кайтарылган. Түзүлгөн келишимдин 5.2 пунктуна ылайык келишимди убагында аткарбагандыгы үчүн “Жамила” мюзиклин коюу боюнча 9565,2 миң

сомго 5% дан ашпаган өлчөмдө **478,3 миң сом** *(9565,2х5%)* өлчөмүндө туум эсептелди.

К.Баялинов атындагы республикалык балдар библиотекасына, китепкана системасы үчүн программа түзүүгө №53/цм 09.12.2024-жыл 5372,3 миң сомго келишим түзүлүп, иш аткарылган эмес. "Кыргыз Маданият Сервис" МИ-сы 19.02.2025-жылы № 706 ТТ аркалуу 5372,3 миң сом акча каражатын республикалык бюджетке кайтарган. Түзүлгөн келишимдин 6.2 пунктуна ылайык келишимди убагында аткарбагандыгы үчүн К.Баялинов атындагы республикалык балдар библиотекасына, китепкана системасы үчүн программа түзүүгө 5372,3 миң сомго 1% дан ашпаган өлчөмдө **53,7 миң сом** *(5372,3х1%)* өлчөмүндө туум эсептелди.

"Тодес" балети менен биргеликте Бишкек шаарында бий группасын түзүү үчүн №8/цм 27.03.2024-жыл 5369,6 миң сомго келишим түзүлүп, 4604,7 миң сомго иш аткаруу актысы берилип, үнөмдөлгөн 764,9 миң сому 19.02.2025-жылы № 698 ТТ аркалуу "Кыргыз Маданият Сервис" МИ-сы тарабынан республикалык бюджетке кайтарылган.

**Корутунду**

"Кыргыз Маданият Сервис" МИ менен түзүлгөн келишимдин 5.2 пунктуна ылайык, келишимди убагында аткарбагандыгы үчүн "Жамила" мюзиклин коюу боюнча 9565,2 миң сомго 5% дан ашпаган өлчөмдө 478,3 миң сом *(9565,2х5%),* К.Баялинов атындагы республикалык балдар библиотекасына, китепкана системасы үчүн программа түзүүгө 5372,3 миң сомго 1% дан ашпаган өлчөмдө 53,7 миң сом *(5372,3х1%),* жалпы **532,0 миң сом** өлчөмүндө туум эсептелди.

**Сунуштама**

Министирлик "Кыргыз Маданият Сервис" МИ менен түзүлгөн келишимдердин шарттарын толук аткарылышын талап кылсын жана аткарбаган убакта келишимдеги санкцияларды колдонсун. Аудит убагында эсептелген **532,0** миң сом туумду "Кыргыз Маданият Сервис" МИ-нан өндүрүп тиешелүү бюджетке которсун.

**Аныкталды**

Министрлик тарабынан сатып алуулардан мурда сатып алынуучу Товарлардын тиешелүү адистер менен Техникалык тапшырмасы иштелип чыкпаган жана сатып алынуучу Товарлардын мониторинги тиешелүү даражада жүргүзүлбөгөн. Андан сырткары 2024-жылдын 03-апрелиндеги №215 буйругуна ылайык "Кыргыз Маданият Сервис" МИсы Министрлик тарабынан алына турчу музыкалык аппаратураны сатып алуу боюнча чет мамлекетке чыгуу укугу менен баалоо мониторингин жүргүзүү, Келишимдерди буйруктун 2 пункт менен Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине ылайык түзүү милдеттендирилген. Бирок ал талаптар өз убагында аткарылбагандыктан №25, №27 жана №28 келишимдеринин тиркемелери келишимдеги жалпы суммага дал келбестен жалпы **59 997,7** миң сом айырмачылык менен түзүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги менен “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы ортосундагы үн күчөтүүчү жабдууларды, кайра үн иштетүүчү приборлорду, жарык берүүчү жабдууларды, светодиоддук панелдерди, сахналык металл конструкцияларын сатып алып жеткирип берүү үчүн түзүлгөн келишимдерди аткарууда үнөмдөлгөн 7905,3 миң сом акча каражаты 2024-жылы министрликке кайтарылып берилбеген. Аудит убагында Үн жабдууларын сатып алуудан үнөмдөлгөн 7905,3 миң сом бюджетке кайтарылды.

**Корутунду**

Министрлик тарабынан товарлардын мониторинги тиешелүү даражада жүргүзүлбөгөн. Андан сырткары “Кыргыз Маданият Сервис” МИсы Министрлик тарабынан алына турчу музыкалык аппаратураны сатып алуу боюнча чет мамлекетке чыгуу укугу менен баалоо мониторингин жүргүзүү, Келишимдерди буйруктун 2 пункт менен Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 17-беренесине ылайык түзүү милдеттендирилген. Бирок ал талаптар өз убагында аткарылбагандыктан келишимдеги жалпы суммага дал келбестен жалпы **59 997,7** миң сом айырмачылык менен түзүлгөн.

Министрлиги менен “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы ортосундагы келишимдерди аткарууда үнөмдөлгөн 7 905,3 миң сом акча каражаты 2024-жылы министрликке кайтарылып берилбеген.

**Сунуштама**

Министрлик тарабынан сатып алуулардан мурда сатып алынуучу товарлардын тиешелүү адистер менен техникалык тапшырмасы иштелип чыгуусу жана сатып алынуучу товарлардын мониторинги тиешелүү даражада жүргүзүлүшү камсыздалсын.

Министрлик “Кыргыз Маданият Сервис” Мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишимдердин шарттарын толук аткарылышын талап кылсын жана аткарылбаган убакта келишимдеги санкцияларды колдонсун.

**Аныкталды**

Кыргыз Маданият Сервис” МИсы менен Бир булактан сатып алуу ыкмасы аркалуу түзүлгөн келишимдердин шартына ылайык 10-20% өлчөмүндө төлөөлөр каралган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча Жобосунун» талаптарынын ылайык, Контрактты (келишимди) түзүүдө, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынан 20 пайызга чейин белгиленген, бирок бул талаптар министрлик тараптан сакталбастан төмөндөгү келишимдерге №27/цм 10.07.2024-жыл **55 601,2** миң сомго, №28/цм 10.07.2024-жыл **65 344,7** миң сомго, “Жамила” музыкалык - театрлаштырылган спектаклин коюуга №5/цм 14.03.2024-жыл **9 565,2** миң сом, К.Баялинов атындагы республикалык балдар библиотекасына, китепкана системасы үчүн программа (Библиопро) №53/цм

09.12.2024-жыл **5 372,3** миң сом, жалпы **135 883,4** миң сомго ашыкча авантык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Маданият Сервис” МИсы менен Бир булактан сатып алуу ыкмасы аркалуу түзүлгөн келишимдердин шартына ылайык 10-20% өлчөмүндө төлөөлөр каралган, бирок бул талаптар министрлик тараптан сакталбастан төмөндөгү келишимдерге №27/цм 10.07.2024-жыл **55 601,2** миң сомго, №28/цм 10.07.2024-жыл **65 344,7** миң сомго, “Жамила” музыкалык-театрлаштырылган спектаклин коюуга №5/цм 14.03.2024-жыл **9 565,2** миң сом, К.Баялинов атындагы республикалык балдар библиотекасына, китепкана системасы үчүн программа (Библиопро) №53/цм 09.12.2024-жыл **5 372,3** миң сом, жалпы **135 883,4** миң сомго ашыкча авантык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Министрликтин борбордук аппаратында сатып алуулардын негизинде түзүлгөн келишимдерде авансык төлөмдөрдүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетун жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пунктуна ылайык белгиленип, төлөнүшү көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды**

Опера жана балет театры Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтомунун “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобосундагы бир булактан сатып алууда коммерциялык сунуштарын сурап алуу аркылуу сатып алат деген талаптар аткарылбастан мекеме бир булактан **55,3** миң сомго күйүүчү майларды сатып алууда “Шнос”ЖЧКу менен 2024-жылдын 19-февралындагы №24/т/05-түзүлгөн келишиминде коммерциялык сунуштамалар алынган эмес.

Ошондой эле, “П.Ф.Шубин атындагы Борбордук балдар музыкалык мектеби” мекемесинде **36,2** миң сомго, “Чүй областтык мамлекеттик кинодирекциясы” мекемесинде бир булактан кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча 13**5,0** миң сомго түзүлгөн келишимдеринде коммерциялык сунуштамалар алынган эмес.

“Улуттук маданий борбору” мекемесинде бир булактан транспорттук чыгымдар үчүн “Кериктер”ЖЧКу менен 1428,7 миң сомго жана маданий иш чаралар үчүн “Глобал Проджет Консалт”ЖЧКу менен 4 167,5 миң сомго жалпы суммасы **5 596,2** миң сомго түзүлгөн келишимдеринде контрактты аткарууну кепилдик камсыздоону сурап алган эмес.

Сокулук райондук маданият бөлүмүндө **166,5** миң сом контракты аткарууну кепилдик камсыздоосу депозиттик эсеп счётуна кириштелбегени аныкталды.

**Корутунду**

“Улуттук маданий борбору” мекемесинде бир булактан транспорттук чыгымдар үчүн жалпы суммасы **5 596,2** миң сомго түзүлгөн келишимдеринде контрактты аткарууну кепилдик камсыздоону сурап алган эмес.

Опера жана балет театры», “П.Ф.Шубин атындагы Борбордук балдар музыкалык мектеби” мекемесинде, “Чүй областтык мамлекеттик кинодирекциясы” мекемесинде түзүлгөн келишиминде коммерциялык сунуштамалар алынган эмес.

Сокулук райондук маданият бөлүмүндө **166,5** миң сом контракты аткарууну кепилдик камсыздоосу депозиттик эсеп счётуна кириштебегени аныкталды.

**Сунуштама**

Сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар" жөнүндөгү 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтомунун “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартиби жөнүндө” жоболоруна ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Өзгөн райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” мыйзамы боюнча өткөрүлгөн торуктардын негизинде, контракт боюнча аткаруу жана жеткирүү мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн берүүчүнүн эсебинен, тактап айтканда "Амазон Групп" ЖЧКсынан 195,8 миң сом өндүрүлгөн эмес жана контракт боюнча кошуп эсептелген үстөктөр жана айып пул санкциялары **195,8** миң сом республикалык бюджетке которулбаган.

**Корутунду**

Өзгөн райондук маданият бөлүмүндө "Амазон Групп" ЖЧКсынан 195,8 миң сом айып пул өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча өткөрүлгөн конкурстардын негизинде, контракт боюнча аткаруу жана жеткирүү мөөнөтүн кечиктиргендиги үчүн берүүчүнүн эсебинен, тактап айтканда, "Амазон Групп" ЖЧКсынан 195,8 миң сом өндүрүлүп, республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптары сакталбастан, 2024-жылга карата сатып алуу планы түзүлгөн эмес жана аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 6900,8 миң

сомго конкурс өткөрүлбөстөн жумуштар, товарлар жана кызматтар сатылып алынган.

**Корутунду**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда сатып алуу планы түзүлгөн эмес жана аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 6900,8 миң сомго конкурс өткөрүлбөстөн жумуштар, товарлар жана кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин" талаптары так сакталсын. Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунун тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

"Кыргыз маданият сервис" мамлекеттик ишканасы транспорт каражаттарын сатып алып берүүдө 1 даана Jac Пикап авто унаасын мамлекеттик ишканага каттап, өз балансына алуу менен Салык кызматынан кошумча нарк салыгын кыйгап өтүп 292,8 миң сом КНС төлөнбөгөндүгү аныкталды.

**Корутунду**

"Кыргыз маданият сервис" мамлекеттик ишканасы Салык кызматынан кошумча нарк салыгын кыйгап өтүп 292,8 миң сом КНС төлөнбөгөндүгү аныкталды

**Сунуштама**

Салык кызматы менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү аркылуу 1 даана "Jac Пикап" авто унаасынын кошумча нарк салыгына 292,8 миң сом төлөсүн.

**Жылуулук жана электр энергиясына, жаратылыш газына, сууну пайдалануунун белгиленген лимиттерин сакталуусуна аудит**

**Аныкталды**

Коммуналдык кызматтарга каралган каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2024-2026-жылдарга карата 2024-жылдын 30-декабрындагы №886 сандуу буйругунун негизинде ар бир мекеме, ишканалар боюнча коммуналдык чыгымдардын лимити белгиленген. Бирок жогорудагы буйруктун талаптары сакталбастан жалпы жылуулук энергиясынын лимити ашыкча 359,75 миң Гкал/саат же **1306,7** миң сомго сарпталган, электро энергияны пайдалануунун лимити жалпы 863,78 миң /кВт же **3 323,0** миң сомго ашыкча сарпталган (тиркеме 2).

**Корутунду**

Жалпы жылуулук энергиясынын лимити ашыкча 359,75 миң Гкал/саат же **1306,7** миң сомго сарпталган, электро энергияны пайдалануунун лимити жалпы 863,78 миң /кВт же **3 323,0** миң сомго ашыкча сарпталган.

**Сунуштама**

Электр энергиясын пайдалануу Кыргыз Республикасы Өкмөтүнүн бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимитин бекитүү жөнүндө токтомунун талаптарына ылайык, бекитилген лимиттин чегинде жүргүзүлсүн. Зарыл болгон учурда бекитилген лимитинин көлөмүн кайра карап чыгуу сунушталсын.

**Аныкталды**

Тон райондук маданият бөлүмүнүн китепкана ишканасында Кыргыз Республикасында жылуулукка кете турган көмүр чыгымдарынын нормалары бекитилген эмес, жыйынтыгында, имараттарды жылытууда 5,1 тонна көмүр **24,5** миң сомго ашык пайдаланылган (эсептешүү).

**Корутунду**

Тон райондук маданият бөлүмүнүн китепкана ишканасында имараттарды жылытууда 5,1 тонна көмүр **24,5** миң сомго ашык пайдаланылган (эсептешүү).

**Сунуштама**

Тон райондук маданият бөлүмүнүн китепкана ишканасынын имараттарын жылытууда 2025-2026-жылдардын кыш айларына көмүрдү үнөмдүү сарптоо үчүн күнүмдүк жагылган көмүрдүн көлөмүн анализдеп тактап чыгуу үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды**

К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана өспүрүмдөр китепканасынын имаратынан 36,4 кв. метр аянтындагы жай "Бишкектеги Француз Альянсы" Коомдук бирикмесине 2024-жылдын 12-июлунан тартып бир жылга айына 9853,54 сом ижара акысын төлөө шарты менен берилген. 2024-жылы келишим түзүлгөндөн баштап 55,6 миң сом төлөнүш керек болсо, 54,1 миң сом төлөнгөн, же 1,5 миң сом төлөнбөй калган. Мындан сырткары, ижара келишиминин 11.4-пунктуна ылайык арендатордон коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдар, жер жана мүлк салыктары эсептелип өндүрүлгөн эмес. Ошондой эле, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемесинин 20.05.2021-жылдагы №417 катында 2020-жылдын 4-кварталынын аягына карата китепкананын ижара төлөмү боюнча 159,9 миң сом суммасында карызы бар экендиги көрсөтүлгөн. Бул ижара төлөмү боюнча карыз бүгүнкү күнгө чейин республикалык бюджетке төлөнүп бериле элек. Мындан сырткары, китепкананын имаратынан Улуттук китепкананын пайдалануусундагы 258,2 кв. метр аянтын түзгөн жайды "Бишкектеги Француз Альянсы" Коомдук бирикмеси ижара жана салык төлөмдөрүн, коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарын төлөбөстөн пайдаланып келүүдө.

Кыргыз улуттук тарых музейи менен Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду менен ижара төлөмдөрү боюнча 31.12.2024-жылга карата түзүлгөн салыштыруу актысында арендаторлордун карызы 13,5 миң сом.

**Корутунду**

К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана өспүрүмдөр китепканасынын имаратынан 36,4 кв. метр аянтындагы жай "Бишкектеги Француз Альянсы" Коомдук бирикмесине ижарага берилген. Ижара келишимине ылайык арендатордон коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдар, жер жана мүлк салыктары эсептелип өндүрүлгөн эмес.

Китепкананын имаратынан Улуттук китепкананын пайдалануусундагы 258,2 кв. метр аянтын түзгөн жайды "Бишкектеги Француз Альянсы" Коомдук бирикмеси ижара жана салык төлөмдөрүн, коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарын төлөбөстөн пайдаланып келүүдө.

Ошондой эле, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемесинин китепкананын ижара төлөмү боюнча 159,9 миң сом суммасында карызы бар экендиги көрсөтүлгөн.

Кыргыз улуттук тарых музейинде арендаторлордун карызы 13,5 миң сом түзгөн.

**Сунуштама**

Ижара төлөмдөрү боюнча так жана өз учурунда эсептешүүлөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

**К. Баялинов атындагы Республикалык балдар жана өспүрүмдөр китепканасы,** "Бишкектеги Француз Альянсы" Коомдук бирикмесинен 36,4 кв. метр аянттагы жайды пайдалангандыгы үчүн, 2024-жылга ижара төлөмүнүн 1,5 миң сом суммасындагы калдыгын, коммуналдык жана эксплутациялык чыгымдарын, ижара жана салык төлөмдөрүн өндүрүү камсыздалсын. Мурдагы жылдардан калган 159,9 миң сом суммасындагы ижара төлөмү боюнча карызды республикалык бюджетке кайтаруу чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды**

2024-жылы К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана өспүрүмдөр китепканасынын атайын эсебине акы төлөө кызматтарынан жалпы 242,8 миң сом түшкөн, анын ичинен: окурмандардын 1 келип кетүүсүнөн 5 сомдон 202,6 миң сом, китепкананын туруктуу окурмандарына окуу билеттерин 25 сомдон сатуудан - 35,8 миң сом жана башка кызматтардан - 4,3 миң сом. Окуу билеттеринин баасы 25 сомдон Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Бишкек шаары боюнча башкармалыгы менен 24.08.2009-жылы макулдашылып, министрлик тарабынан 04.09.2009-жылы бекитилген, бүгүнкү күнгө чейин жаңыланган эмес. Башка кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Бишкек шаары боюнча бөлүмү менен макулдашылган эмес.

**Корутунду**

К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана өспүрүмдөр китепканасында окуу билеттеринин баасы 25 сомдон Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Бишкек шаары боюнча башкармалыгы менен 24.08.2009-жылы макулдашылып, министрлик тарабынан 04.09.2009-жылы бекитилген, бүгүнкү күнгө чейин жаңыланган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.06.2024-жылдагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомунун 2-пунктуна ылайык акы төлөө кызматтарын акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын Кыргыз Республикасынын монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашуудан кийин жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” 47 беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин талаптары сакталбастан 2024-жылга карата мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдөн чегерилип түшкөн жалпы 54,2 миң сом акча каражаты республикалык бюджетке которулган эмес, андан: “С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры” мекемеси **25,7** миң сом, (аудит учурунда **25,7** миң сом республикалык бюджеттин пайдасына которулуп берилди), Өзгөн райондук маданият үйү **9,5** миң сом, “Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” мекемеси **19,0** миң сом.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” 47 беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин талаптары сакталбастан 2024-жылга карата мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдөн чегерилип түшкөн жалпы 54,2 миң сом акча каражаты республикалык бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама**

Ижара боюнча төлөмдөр 2016-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин, Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 “Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн жана **Өзгөн райондук маданият үйү** 9,5 миң сом, **Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры** - 19,0 миң сом суммасын республикалык которушсун.

**Аныкталды**

**БХО**нда ижара келишимин түзбөстөн "Скай Мобайл" ЖЧКсынан окуу жайдын территориясында 14 кв. метр жер участогуна уюлдук байланышка антенна койгондугу үчүн кызмат акы катары айына 15,0 миң сомдон 2024-жылы жалпы 180,0 миң сом алынган.

**Корутунду**

БХО келишим түзбөй ижарага 14 кв. метр жер берилген.

**Сунуштама**

Ижарачылардан ижара, коммуналдык чыгым жана салык төлөмдөрүн өз учурунда жана толук өндүрүү иштери, "Скай Мобайл" ЖЧКсы менен окуу жайдын аймагындагы 14 кв. метр жер участогуна уюлдук байланышка антенна койгондугу үчүн ижара келишимин түзүп, буга чейин төлөнгөн **180,0** миң сом ижара төлөмүн республикалык бюджетке которуу камсыздалсын

**Аныкталды**

“Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” мекемеси тарабынан Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2023-жылдын 27-октябрында №790 сандуу “Театралдык оюн-зоок мекемелеринин залдарын акы төлөө жолу менен берүү жөнүндө” чыккан буйругу жетекчиликке алынбастан кээ бир иш чаралар акы төлөнбөстөн өткөрүлүп атайын каражаттар боюнча бюджеттик жоготуулар болгон.

**Корутунду**

“Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” мекемеси тарабынан кээ бир иш чаралар акы төлөнбөстөн өткөрүлүп атайын каражаттар боюнча бюджеттик жоготуулар болгон.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2023-жылдын 27-октябрында №790 сандуу “Театралдык оюн-зоок мекемелеринин залдарын акы төлөө жолу менен берүү жөнүндө” чыккан буйрук жетекчиликке алынсын, акысыз ижара берүү токтотулсун.

**Курулуш-оңдоо иштери боюнча бузуулар жана кемчиликтер**

**Аныкталды**

Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театрында “Театрдын ички дааратканаларынын капиталдык оңдоо иштерин” аткарган подрядчы “Гроссер Консалт” ЖЧКсы аткарылган иштердин актысына сатуудан салык 2% негизсиз **100,3** миң сомго иштердин наркын, “Театрдын имаратынын ички капиталдык оңдоо иштерин” аткарган подрядчы “Дубай Строй Компани” ЖЧКсы иштердин көлөмүн **210,9** миң сомго, “Театрдын имаратынын ички фоесинин капиталдык оңдоо иштерин” аткарган подрядчы “ТАЖ-Чебер” ЖЧКсы иштердин көлөмүн **82,0** миң сомго, жалпы 393,2 миң сомго жогорулатышкан.

Кыргыз мамлекеттик Б.Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театрында, “Жаш көрүүчүлөр театрынын капиталдык оңдоо иштерин” аткарган подрядчы “Бекбото Строй” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин көлөмдөрү жана баалары **731,3** миң сомго жогорулатылган.

Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында “Филармониянын ажаатканаларын капиталдык оңдоо иштерин” аткарган подрядчы “Агат КГ-Строй” ЖЧКсы аткарылган иштердин көлөмдөрү **39,7** миң сомго жогорулатылган.

**Корутунду**

Подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин жана баалардын көлөмдөрү жалпы 1 164,2 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинде: Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театрында - жалпы **393,2 миң сомго**, Кыргыз мамлекеттик Б. Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театрында - **731,3** миң сомго, Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында - **39,7** миң сомго.

**Сунуштама**

Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театрында ички капиталдык оңдоо иштерин аткарган төмөнкү подрядчылар тарабынан жалпы **393,2** миң сомго жогорулатылган иштердин көлөмү калыбына келтирилсин, алар: “Дубай Строй Компани” ЖЧКсы - **100,3** миң сомго, “Дубай Строй Компани” ЖЧКсы - **210,9** миң сомго, “ТАЖ-Чебер” ЖЧКсы - **82,0** миң сомго.

Кыргыз мамлекеттик Б.Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театрында подрядчы “Бекбото Строй” ЖЧКсы тарабынан **731,3** миң сомго жогорулатылган иштердин көлөмү жана наркы калыбына келтирилсин.

Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясында подрядчы “Агат КГ-Строй” ЖЧКсы тарабынан 3**9,7** миң сомго жогорулатылган иштердин көлөмү калыбына келтирилсин.

**Аныкталды**

Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” улуттук киностудиясында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 15-декабрындагы №11-НПА буйругу менен бекитилген Курулушта техникалык көзөмөлдөө жана курулушту контролдоо, көз карандысыз инженердик уюм, техникалык аудит жөнүндө жобонун талаптары сакталбастан, имараттарынын чатырларын которуу иштеринин аткарылышы техникалык көзөмөлсүз кабыл алынган.

**Корутунду**

Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” улуттук киностудиясында имараттарынын чатырларын которуу иштеринин аткарылышы техникалык көзөмөлсүз кабыл алынган.

**Сунуштама**

Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” улуттук киностудиясынын бардык курулуш-оңдоо иштерин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 15-декабрындагы №11-НПА буйругу менен бекитилген Курулушта техникалык көзөмөлдөө жана курулушту контролдоо, көз карандысыз инженердик уюм, техникалык аудит жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, техникалык көзөмөлдөөгө тийиштүү жана тажрыйбалуу укуктуу өкүлүн бекитүүсү зарыл.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы**

**Аныкталды**

2024-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик баланс боюнча негизги каражаттардын калдыгы 95368,2 миң сомду түзгөн. Мында, негизги каражаттардын жана материалдык запастардын эсеби Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлбөгөндүктөн 2024-жылдын 17-сентябрындагы түзүлгөн №99 келишими менен “АКА” ЖЧКму тарабынан Министрликтин ички жылытуу системасынын ремонтуна чыгымдалган **5092,4** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган.

**Корутунду**

“АКА” ЖЧКму тарабынан Министрликтин ички жылытуу системасынын ремонтуна чыгымдалган **5092,4** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштырылбастан учурдагы ремонт иштери катары бухгалтердик эсептен чыгышталган.

**Сунуштама**

Министрликтин ички жылытуу системасынын ремонтуна чыгымдалган **5092,4** миң сом имараттын баланстык баасына капиталдаштыруу менен эсепке алуу, негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин өз учурунда жана так жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз улуттук маданият жана искусство университетинде, Ч.Базарбаев атындагы Бишкектеги хореографиялык окуу жайында, Кыргыз улуттук тарых музейинде, бухгалтердик кызмат тарабынан бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө жана отчетторду даярдоодо КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарын сактабастан, бухгалтердик эсептер боюнча бухгалтердик регистрлерди, мемориалдык ордерлерди жана отчетторду түзүү камсыздалган эмес.

**Корутунду**

Искусство университетинде, БХОда, Тарых музейинде, бухгалтердик кызмат тарабынан бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө жана отчетторду даярдоодо жобонун талаптарын сактабастан, бухгалтердик эсептер боюнча бухгалтердик регистрлерди, мемориалдык ордерлерди жана отчетторду түзүү камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык бухгалтердик эсептер боюнча бухгалтердик регистрлерди, мемориалдык ордерлерди жана отчетторду өз учурунда түзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында 2024-отчёттук жылда бухгалтериялык эсеп жүргүзүүсү Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан 2024-жылда эмгек акыны туура эсептөө, төлөөдө аныкталган финансылык катачылык-кемчиликтер отчёттуулуктун аныктыгына олуттуу таасирин тийгизген.

**Корутунду**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрында 2024-отчёттук жылда бухгалтериялык эсеп жүргүзүүсү жобонун талаптары сакталбастан 2024-жылда эмгек акыны туура эсептөө, төлөөдө аныкталган финансылык катачылык-кемчиликтер отчёттуулуктун аныктыгына олуттуу таасирин тийгизген.

**Сунуштама**

А. Жайнаков атындагы Баткен облустук музыкалык драма театрынын жетекчилиги мекемеде бухгалтериялык эсеп жүргүзүүнү Кыргыз Республикасынын аракеттеги: “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жоболорунун талаптарына ылайык жүргүзүү үчүн компетенттүү адистер менен камсыздоону жана аларга милдетин аткаруу үчүн тийиштүү шарт түзсүн.

**Аныкталды**

"Сулайман-Тоо" комплексинде бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө 2024-жыл мезгил аралыгында кварталдык жана жылдык отчетторун түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б сандуу буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчетторду түзүү” жобосунун талаптары сакталбастан ай сайын, кассалык, казыналык, авансалык материалдык отчетторго, эмгек акы эсептөөлөрүнө бухгалтериялык проводкалар берилген эмес, тиешелүү мемориалдык ордерлер түзүлбөгөн. Мындан сырткары 2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн бухгалтердик балланста көрсөтүлгөн негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын эсеби так жүргүзүлгөн эмес.

“Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы” мекемесинде бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө 2024-жыл мезгил аралыгында кварталдык жана жылдык отчетторун түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б сандуу буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчетторду түзүү” жобосунун талаптары так сакталбастан, ай сайын, кассалык, казыналык, авансалык материалдык отчетторго, эмгек акы эсептөөлөрүнө бухгалтердик проводкалар берилген

эмес, тиешелүү мемориалдык ордерлер түзүлбөгөн. Мекемеде бухгалтердик эсебин жүргүзүүдө отчеттор өзүнчө түзүлбөстөн, ар кандай иретте тигилип сакталган, андан төлөө тапшырмаларына, казыналык выпискаларга жана бухгалтердик документтерге жетекчи жана башкы эсепчиси тарабынан кол тамгалары коюлган эмес. 2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн бухгалтердик балансга көрсөтүлгөн негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын эсеби жүргүзүлгөн эмес.

М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун” талаптарын бузууга жол берилген, жалпы **667,3** миң сомду түзгөн негизги каражаттар 31225 «Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү буюмдар» беренеси боюнча эсепке алынган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

Ак-Талаа райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругунун талаптарын бузууга жол берилген, эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу 3112 “башка эмеректи жана жабдууларды сатып алуу” беренеси боюнча жүргүзүлүп негизги фонддордун баланстык баасы жалпы **312,0** миң сомго жогорулатылышы керек болчу, бирок, аталган эмеректер 2215-2222-беренелери аркылуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып, чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, райондук маданият бөлүмүнүн балансы жалпы 312,0 миң сомго жогорулатылды.

**Корутунду**

"Сулайман-Тоо" комплексинде, “Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы” мекемесинде, М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында, Ак-Талаа райондук маданият бөлүмүндө тиешелүү деңгээлде бухгалтердик эсеп жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

"Сулайман-Тоо" комплексинде, “Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы” мекемесинде, М.Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрында Кыргыз Республикасынын, Ак-Талаа райондук маданият бөлүмүндө Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б сандуу буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчетторду түзүү” жобосунун талаптары сакталсын жана жобонун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды**

Кочкор райондук маданият бөлүмү тарабынан *2222 беренеси* аркылуу **325,5** миң сомдук негизги каражаттар (офистик эмеректер жана компьютердик жабдуулар) чыгашалар сметасында туура эмес пландалып сатып алынып негизги каражаттар катары кириштелген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" жободо 22221100 "Жабдууларды жана материалдарды сатып алуу, колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз болгон, аз баалуу жана бат эскирүүчү товарлар жана предметтер, жабдууларды жана материалдарды сатып алуу чыгашалар эсепке алынат"- деп көрсөтүлгөн. Ал эми, бул беренеде пландалган жана сатып алынган офистик эмеректер жана компьютердик жабдуулар бир жылдан ашык кызмат кылган каражаттар болгон.

**Корутунду**

Кочкор райондук маданият бөлүмү тарабынан негизги каражаттар (офистик эмеректер жана компьютердик жабдуулар) чыгашалар сметасында туура эмес пландалып сатып алынып негизги каражаттар катары кириштелген.

**Сунуштама**

Кочкор райондук маданият бөлүмүнүн чыгашалар сметасын пландоодо Кыргыз республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" жобосунун талаптары так сакталсын, негизги каражаттар 3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренеси аркылуу сатылып алынсын.

**Аныкталды**

Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнө караштуу А.Сыдыков атындагы маданият үйүнүн көрүүчүлөр залын толук ремонту 7668,3 миң сомго өткөрүлүп Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун» талаптары сакталбастан маданият бөлүмүнүн балансы жалпы **7 447,5** миң сомго жогорулатылган эмес. Аудит учурунда тийиштүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, жалпы 7 447,5 миң сомго Тогуз-Торо маданият бөлүмүнүн балансы жогорулатылды.

**Корутунду**

Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнө караштуу А.Сыдыков атындагы маданият үйүнүн көрүүчүлөр залын толук ремонту 7 668,3 миң сомго өткөрүлүп маданият бөлүмүнүн балансы жалпы **7 447,5** миң сомго жогорулатылган эмес (аудит учурунда тийиштүү бухгалтердик өткөрүлдү).

**Сунуштама**

Негизги каражаттарды эсепке алуу жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун" талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Кассалык жана банктык операциялар**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын” талаптары аткарылбастан Борбордук аппараттын кассасынан 851,1 миң сом суммасында накталай акча каражаттары менен кассалык операциялар жүргүзүлгөн, анын ичинде Борбордук аппараттан 184,2 миң сом, Борборлоштурулган иш чаралардан 666,9 миң сом.

“Кыргыз Маданият Сервис” Мамлекеттик ишканасында кассасы аркылуу кызмат көрсөтүүлөргө акы, жооптуу кызмат адамдарына накталай акча каражатын берүү жана кызматкерлерге эмгек акыга **15 326,0** миң сом накталай акча каражаты чыгышталганы аныкталды.

**Корутунду**

Министрликте жана “Кыргыз Маданият Сервис” Мамлекеттик ишканасында накталай акча менен олуттуу кассалык операцияларды жүргүзөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине, караштуу мекемелерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 3, 4-пункттары сакталбастан, Борбордук аппараттын депозиттик эсебиндеги мөөнөтү өтүп кеткен жана талап кылынбаган **24,0** миң сом суммасындагы акча каражаты республикалык бюджетке которулуп берилген эмес. Аудит убагында 21.01.2026-жылы №01 төлөө тапшырмасы менен талап кылынбаган **24,0** миң сом бюджетке кайтарылгандыгы эске алынсын.

Улуттук филармониясында 2024-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик касса эсебинде 58,6 миң сом республикалык бюджетке кайтарылбастан калган. 2025-жылдын 29-августундагы №5384 накталай төлөмгө берилген квитанция боюнча 36,8 миң сом бюджетке кайтарылган. Филармониянын депозит эсебинде 2024-жылдын 31-декабрына карата сатып алууларды өткөрүүгө жана аткарууга кепилдик катары түшкөн 927,8 миң сом бар, алардын ичинен 41,5 миң сомдун кайтаруу мөөнөтү өткөн.

**Корутунду**

Борбордук аппараттын депозиттик эсебиндеги мөөнөтү өтүп кеткен жана талап кылынбаган **24,0** миң сом суммасындагы акча каражаты республикалык бюджетке которулуп берилген эмес.

2024-жылдын 31-декабрына карата филармониянын бюджеттик кассада калган, бюджетке кайтарыла элек 21,8 миң сом калдыгын бюджетке кайтаруу камсыздалсын. Ошондой эле, кайтаруу жана эскирүү мөөнөттөрү өткөн сатып алууларды өткөрүүгө жана аткарууга кепилдик катары түшкөн **41,5** миң сомду республикалык бюджетке кайтаруу каралсын;

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы № 626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 4-пунктуна ылайык, Борбордук аппараттын депозиттик эсебиндеги мөөнөтүү өтүп кеткен жана талап кылынбаган акча каражаттары бюджеттин кирешесине өз убагында которулсун.

2024-жылдын 31-декабрына карата филармониянын бюджеттик кассада калган бюджетке кайтарыла элек 21,8 миң сом калдыгын бюджетке кайтаруу камсыздалсын. Ошондой эле, кайтаруу жана эскирүү мөөнөттөрү өткөн сатып алууларды өткөрүүгө жана аткарууга кепилдик катары түшкөн **41,5** миң сомду республикалык бюджетке кайтаруу каралсын

**Аныкталды**

Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрында Бишкек жана Ош шаарларында өткөн гастролдон түшкөн 310,2 миң сом акча каражатынын ичинен **150,8** миң сому казыналык эсепке киришелбестен, ар кандай муктаждыктарга сарпталган.

Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, Музыкалык драма театрында гастроль убагында же болбосо иш планга ылайык көрүүчүлөргө спектакль тартуулаган учурларда, көрүүчүлөргө билеттерди сатуудан түшкөн бюджеттик акча каражатынын эсеби түшүрүлө турган кассалык китепче колдонулбай келгендиги аныкталды.

Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрынын 2024-жылдын 10-майындагы №11 сандуу буйругунун негизинде 2024-жылдын 25-майынан 29-майына чейин С. Раевдин "Күн кармаган бала" спектакли менен театрдын 23 кызматкери Россия Федерациясынын Москва шаарына барышкан, мамлекеттик бюджеттен иш сапар чыгымына 1 092,2 миң сом, анын ичинде Москва шаарына болгон гастролго бюджеттен 423,9 миң сом сарпталган. Жыйынтыгында, Москва шаарына болгон гастролдон түшкөн акча каражаттары Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрынын казыналык эсебине кириштелген эмес.

**Корутунду**

Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрында **150,8** миң сому казыналык эсепке кириштелбестен, ар кандай муктаждыктарга сарпталган. Театрда көрүүчүлөргө билеттерди сатуудан түшкөн бюджеттик акча каражатынын эсеби түшүрүлө турган кассалык китепче колдонулбай келгендиги аныкталды.

Москва шаарына болгон гастролдон түшкөн акча каражаттары Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрынын казыналык эсебине киришелген эмес.

**Сунуштама**

К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театрында:

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесинин 2-пунктуна ылайык, казыналык эсепке киришелбестен сарпталган **150,8** миң сом калыбына келтирилсин;

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптары так сакталсын;

Москва шаарына болгон гастролдон түшкөн акча каражаттары театрдын казыналык эсебине киришөө чаралары көрүлсүн;

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-131-беренелеринин 2-пункттарына ылайык, казыналык эсепке киришелбестен, максатсыз жумшалган акча каражаттарына жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыз эсеби жана абалы**

**Аныкталды**

Министрлик “Кыргыз Маданият Сервис” МИсы менен Бир булактан сатып алуу ыкмасы аркалуу түзүлгөн келишимдерге ылайык 2024-жылы жалпы которулган акча каражаттардын суммасы 718 649,9 миң сомду, ал эми аткарылган иштердин, алып келинген товарлардын суммасы 464 893,5 миң сомду түзүп, “Кыргыз Маданият Сервис” МИсы жылдын аягына **253 756,5** миң сомго дебитордук карыз болгон, андан “Жамила” мюзиклин коюуга 9565,2 миң сом, Жаңы бий тобун түзүүгө 764,9 миң сом, жабдууларга 7905,3 миң сом, К.Баялинов атындагы библиотека 5372,3 миң сом, атайын техникалардан 230 148,8 миң сом. Дебитордук карыздын көбөйүшүнүн себептеринин бири “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталбастан, сатып алууларды жүргүзүүдө авanстык төлөмдөрдүн суммасы *(алдын-ала төлөө)* келишимдердин жалпы суммасынын 10-20 пайызынан ашыкча которуп берүүдөн пайда болгон карыздар болуп эсептелет.

**Корутунду**

“Кыргыз Маданият Сервис” МИсы жылдын аягына **253 756,5** миң сомго дебитордук карыз болгон. Дебитордук карыздын көбөйүшүнүн себептеринин бири сатып алууларды жүргүзүүдө аванстык төлөмдөрдүн суммасы келишимдердин жалпы суммасынын 10-20 пайызынан ашыкча которуп берүүдөн пайда болгон карыздар болуп эсептелет.

**Сунуштама**

Министрликтин борбордук аппаратында сатып алуулардын негизинде түзүлгөн келишимдерде аванстык төлөмдөрдүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пунктуна ылайык белгиленип, төлөнүшү көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды**

БХОда 2024-жылдын 31-декабрына карата товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча дебитордук карыз 1 159,2 миң сомду, кредитордук карыздар 307,8 миң сомду түзгөн. КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасына ылайык, окуу жайдын 2025-жылга бюджеттик сметасынан 1 118,9 миң сомду кыскартууга жатат.

**Корутунду**

БХОда 2024-жылдын 31-декабрына карата товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча дебитордук карыз 1159,2 миң сомду, кредитордук карыздар 307,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Ч.Базарбаев атындагы Бишкектеги хореографиялык окуу жайында товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча түзүлгөн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш аракеттер жүргүзүлсүн, дебитордук карыздарды болтурбоо максатында алдын ала төлөмдөргө жол берилбесин.

КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасына ылайык, окуу жайдын 2025-жылга бюджеттик сметасынан 1118,9 миң сомду кыскартуу каралсын.

**Аныкталды**

Улуттук филармониясында, өндүрүлө элек дебитордук карыз имараттын залдарын берүүдөн 834,5 миң сомду, концерттик программаларга билет сатуудан – 1 117,1 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, 2024-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардан өндүрүлө элек 1 590,9 миң сом дебитордук карыздар бар.

2024-жылдын 31-декабрына карата товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча дебитордук карыз бюджеттик каражаттын эсебинен 5630,6 миң сомго, атайын эсептен 1021,7 миң сомго, жалпы - 6652,3 миң сомду түзгөн. Ал эми, кредитордук карыздар бюджеттик каражаттын эсебинен 280,0 миң сом, атайын эсептен 1277,1 миң сом, жалпы - 1557,1 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, командировка чыгымдары боюнча 2024-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз 9,3 миң сом, кредитордук карыз 43,2 миң сом.

**Корутунду**

Улуттук филармониясынын дебитордук карыз имараттын залдарын берүүдөн 834,5 миң сом, концерттик программаларга билет сатуудан - 1117,1 миң сом, ижарачылардан өндүрүлө элек 1590,9 миң сом дебитордук карыздар бар. Ошондой эле товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча дебитордук карыз жалпы - 6652,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Улуттук филармониясында акы төлөө кызматтары жана ижарачылар боюнча түзүлгөн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иштер жүргүзүлсүн.

Товарларды жана кызматтарды коюучулар боюнча түзүлгөн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш аракеттер жүргүзүлсүн, дебитордук карыздарды болтурбоо максатында алдын ала төлөмдөргө жол берилбесин.

**Аныкталды**

Кара-Суу райондук маданият бөлүмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүнө шайкеш келбестен, 2024-жылдын 31-декабрына карата байланыш кызматын колдонуу боюнча “Кыргызтелеком” ААКнун Кара-Суу райондук бөлүмүнөн 48,4 миң сом, Кара-Суу шаардык суу чарба мекемесинен 8,0 миң сом, жалпы **56,4** миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсебинде чагылдырылбаган. Бухгалтердик баланстын дебитордук карыздар эсебине көрсөтүлбөгөн **56,4** миң сом дебитордук карыз аудит учурунда эсепке алынып, ордуна келтирилди.

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругунун “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун 312-пунктунун авансстык төлөмдөрдүн суммасы келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш деген талаптары сакталбастан келишимдеги милдеттенмелер аткарылбастан толук которулуп берилгендиктен «Кыргыз мамлекеттик Бакен Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театры» мекемесинде жалпы суммасы **34 790,9** миң сом, «Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театры» мекемесинде **1041,3** миң сомго дебитордук карыздар пайда болуп, өндүрүлбөй калуу тобокелдиги жаралган.

**Корутунду**

Кара-Суу райондук маданият бөлүмү Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 31-декабрына карата байланыш кызматын колдонуу боюнча жалпы **56,4** миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсебинде чагылдырылбаган. Бухгалтердик балансттын дебитордук карыздар эсебине көрсөтүлбөгөн **56,4** миң сом дебитордук карыз аудит учурунда эсепке алынып, ордуна келтирилди.

«Кыргыз мамлекеттик Бакен Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театры» мекемесинде жалпы суммасы **34 790,9** миң сом, «Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театры» мекемесинде **1041,3** миң сомго дебитордук карыздар пайда болуп, өндүрүлбөй калуу тобокелдиги жаралган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйруктарынын "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптары сакталсын.

Дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалып, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча толук кандуу иш алынып барылсын. Дебитордук карызды өндүрүү боюнча тийиштүү чараларды жүргүзсүн.

**Аныкталды**

«А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры» мекемеси Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйруктарынын редакциясына ылайык "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун 316-пунктунун талаптары аткарылбастан мекеменин балансында бюджеттик каражаттар эсебинен курулуш иштерин сатып алуу боюнча 2019-жылдан бери өз ара эсептешүү актысы түзүлбөстөн келе жаткан "Бек-Назик Строй" ЖЧКнан мөөнөтү өткөн дебитордук карызы **561,8** миң сомду түзөт.

**Корутунду**

«А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры» мекеменин балансында бюджеттик каржаттар эсебинен курулуш иштерин сатып алуу боюнча 2019-жылдан бери өз ара эсептешүү актысы түзүлбөстөн келе жаткан "Бек-Назик Строй" ЖЧКнан мөөнөтү өткөн дебитордук карызы **561,8** миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

«А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры» мекеменин жетекчилигине дебитордук карызды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзсүн. Мындан ары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйруктарынын редакциясына ылайык "Мамлекеттик

башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

“Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы» мекемесинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 6.9, 311, 316-пункттарынын талаптары сакталбай 2019-жылдан бери өз ара эсептешүү актысы түзүлбөстөн келе жаткан “Комплэнд сеть” ЖЧКнын мөөнөтү өткөн дебитордук карызы 57,4 миң сомду, андан сырткары 31.12.2024-жылга карата жылдык бухгалтердик балансында көрсөтүлбөгөн киреше салыгы 82,3 миң сомду, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 179,3 миң сомду, жалпы дебитордук карыздардын суммасы **319,0** миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

“Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы» мекемесинде, 2019-жылдан бери өз ара эсептешүү актысы түзүлбөстөн келе жаткан “Комплэнд сеть” ЖЧКнын мөөнөтү өткөн дебитордук карызы 57,4 миң сомду, андан сырткары 31.12.2024-жылга карата жылдык бухгалтердик балансында көрсөтүлбөгөн жалпы дебитордук карыздардын суммасы **319,0** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

“Кыргыз мамлекеттик С.А.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы» мекеменин жетекчилигине дебитордук карыздарды карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзсүн.

**Кыргыз мамлекеттик С.А. Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы** киреше салыгы жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча дебитордук карыздарын, окуу жайдын бухгалтердик балансына кайра калыбына келтирсин.

**Аныкталды**

Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатында Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы № 1-Б буйругунун “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча**”** жобосунун 312-пунктунун “аванстык төлөмдөрдүн суммасы келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш деген талаптары сакталбастан бюджет эсебинен 31.12.2024-жылга карата азык түлүк жеткирүүчүлөргө акча каражаттары толук которулуп берилип жалпы **1 738,2** миң сом дебитордук карыздар пайда болгон. Андан сырткары атайын каржаттар эсебинен “Луздефант” ЖЧКнын **55,0** миң сом мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карызы өндүрүлбөгөн.

“Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” Улуттук киностудия” Мамлекеттик мекемесинин бюджет эсебинен 2024-жылдын 31-декабрына

карата “Флай Тайм” ЖЧКнан 130,0 миң сом мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздын өндүрүлбөй келгендиги аныкталды.

**Корутунду**

Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатында бюджет эсебинен 31.12.2024-жылга карата азык түлүк жеткирүүчүлөргө акча каражаттары толук которулуп берилип жалпы **1 738,2** миң сом дебитордук карыздар пайда болгон. Андан сырткары атайын каржаттар эсебинен “Луздефант” ЖЧКнын **55,0** миң сом мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карызы өндүрүлбөгөн.

“Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” Улуттук киностудия” Мамлекеттик мекемесинин бюджет эсебинен 2024-жылдын 31-декабрына карата “Флай Тайм” ЖЧКнан 130,0 миң сом мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздын өндүрүлбөй келгендиги аныкталды.

**Сунуштама**

Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатында “Т.Океев атындагы “Кыргызфильм” Улуттук киностудия” мамлекеттик” мекемесинде Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйруктарынын “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары сакталсын. Мындан ары мекеменин жетекчилигине дебитордук карыздардын түзүлүшүнө жол бербөө жагын көзөмөлгө алып дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзсүн.

**Аныкталды**

“Чүй областтык мамлекеттик кинодирекциясы” мекемесинин бюджеттик каржаттарынын эсебинен 2024-жылдын 31-декабрына карата жылдык бухгалтердик балансында эмгек акынан 25,8 миң сом, киреше салыгынан 23,5 миң сом, социалдык төгүмдөрдөн 39,3 миң сом, жалпы суммасы **88,6** миң сом дебитордук карыздардын көрсөтүлбөй калгандыгы аныкталды.

**Корутунду**

“Чүй областтык мамлекеттик кинодирекциясы” мекемесинин жылдык бухгалтердик балансында жалпы суммасы **88,6** миң сом дебитордук карыздардын көрсөтүлбөй калгандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

“Чүй областтык мамлекеттик кинодирекциясы” мекемесинин башкы эсепчисине аудит мезгилинде аныкталган жалпы суммасы **88,6** миң сом дебитордук карыздарды эсепке алып, мекеменин бухгалтердик балансына кайра калыбына келтирилсин. Мындан ары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйруктарынын “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

Аламүдүн райондук маданият бөлүмүн Арка-Сыры ансамбль түзүмүнүн жылдык балансында эмгек акы беренесинин киреше салыгынан 13,2 миң сом дебитордук жана социалдык фондго чегерүүдөн 13,2 миң сом кредитордук карыз бухгалтердик эсепке киргизилбегени аныкталды.

Сокулук райондук маданият бөлүмүнүн коммуналдык кызматтар (2231) беренесинен 2024-жылдын 31-декабрына 2,3 миң сом “Сокулук Таза Суу” МИнан дебитордук жана Чүй электр тармактар ишканасына 14,8 миң сом кредитордук карыз бухгалтердик эсепке киргизилбегени аныкталды.

**Корутунду**

Аламүдүн райондук маданият бөлүмүн Арка-Сыры ансамбль түзүмүнүн, Сокулук райондук маданият бөлүмүнүн жылдык балансында дебитордук жана кредитордук карыз бухгалтердик эсепке киргизилбегени аныкталды.

**Сунуштама**

Аламүдүн райондук маданият бөлүмү тууралоо жүгүртмөлөрдү берүү менен эсеп учётторун тууралосын. Салык жана социалдык фонд менен тууралоо эсептешүүлөрдү жүргүзсүн.

Сокулук райондук маданият бөлүмү тактоо жүгүртмөлөрдү берүү менен эсебин тууралосын. “Сокулук Таза Суу” МИ жана Чүй электр тармактар ишканасы менен тактоо эсептешүүлөрдү жүргүзсүн.

**Аныкталды**

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин мекемесинде дебитордук карыздарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген жобонун талаптары сакталбастан жалпы **1544,5** миң сомдук дебитордук карыздары боюнча бухгалтердик баланстын № 6 тиркемесинде көрсөтүлгөн жок.

**Корутунду**

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин мекемесинде жалпы **1544,5** миң сомдук дебитордук карыздары боюнча бухгалтердик баланстын № 6 тиркемесинде көрсөтүлгөн жок.

**Сунуштама**

Комплексте Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптары сакталсын жана 2024-жылга карата пайда болгон **1 544,5** миң сомдук дебитордук карыздарды эсепке алуу жана өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Жайыл райондук маданият бөлүмүнүн атайын каражаттар эсеби 2017-жылы жоюлгандыгына карабастан атайын каражаттар боюнча түзүлгөн баланста дебитордук карыздар, Аппарат 0,5 миң сом Боронбаев С. 2017-

жылдан бери. Кредитордук карыздар - Аппарат 6,3 миң сом, андан Базылов Д.М. 5,8 миң сом, Боронбаев С. 0,5 миң сом 2017-жылдан бери көрсөтүлүп жүрөт.

**Корутунду**

Жайыл райондук маданият бөлүмүнүн атайын каражаттар эсеби 2017-жылы жоюлгандыгына карабастан атайын каражаттар боюнча түзүлгөн баланста дебитордук карыздар көрсөтүлүп жүрөт

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун» 314 пунктунун 14-п.п.на ылайык доонун эскирүү мөөнөтү бүткөн, төлөө үчүн реалдуу эмес кредитордук карыздар жүргүзүлгөн инвентаризациянын маалыматтарынын, жазуу жүзүндөгү негиздемесинин жана бюджеттик мекеменин жетекчисинин буйругунун негизинде жогорудагы ар бир милдеттенме боюнча өз өзүнчө тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Жумгал музыкалык драма театрынын Жылдык баланска дебитордук карыздар боюнча жалпы **71,1** миң сом чагылдырылган эмес, анын ичинен: эмгек акысы боюнча 60,7 миң сом, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 10,4 миң сом. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду**

Жумгал музыкалык драма театрынын Жылдык баланска дебитордук карыздар боюнча жалпы **71,1** миң сом чагылдырылган эмес.

**Сунуштама**

Ар кандай дебитордук карыздарды бухгалтердик эсепте чагылдыруу толук көлөмдө жана өз убагында Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптарына ылайык ишке ашырылсын.

**Аныкталды**

Кочкор райондук маданият бөлүмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун” 358-359-беренелеринин талаптарын бузууга жол берилген, 2019-жылдан бери жалпы суммасы **84,7** миң сомго кредитордук карыздар катталган, б.а. кимге карыз экендиги белгисиз, анын ичинен 14,1 миң сому сапар чыгымдар, 26,6 миң сому ар түрдүү кызматтар, 20,0 миң сому негизги каражаттар, 24,0 миң сому корлор.

**Корутунду**

Кочкор райондук маданият бөлүмү 2019-жылдан бери жалпы суммасы **84,7** миң сомго кредитордук карыздар катталган.

**Сунуштама**

Мындан ары, милдеттенмелерди эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун" талаптары так сакталсын. Граждандык кодекстин 212-пунктуна ылайык, доо мөөнөтү бүткөн **84,7** миң сомдук кредитордук карыздар эсептен чыгарылсын.

**Мекемелердин аудит мезгил аралыгындагы ишмердүүлүгүн талдоо**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-августундагы №439 токтому менен бекитилген «Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын Уставында[5] негизги функциялары 9.1 пунктунда мамлекеттик заказдарга ылайык алмашуу гастролдорун, Маданият күндөрүн, фестивалдарды, конкурстарды, расмий аземдерди өткөрүү деп белгиленген болсо, Министрлик менен тузулген «Борборлоштурулган иш-чаралар» (БИ) келишимдер боюнча Мамлекеттик ишканасынын тарабынан 2024-жылы жалпы **10 671,1** миң сомдук Уставындагы негизги функцияларына шайкеш келбеген кызмат көрсөтүүлөрдү аткаргандыгы аныкталды. Анын ичинен:

- Азербайжанга чартердик рейс жалдап берүү менен гана чектелген кызматты көрсөтүү үчүн 10 016,8 миң сом (2024-ж. 9-апрель №11),
- "Гурама 2024" фестивалына катышууга Бишкек-Баку-Бишкек авиа билеттерин сатып алып берүү менен гана чектелген кызматты көрсөтүү үчүн 132,6 миң сом (2024-ж. 21-июнь №24),
- авиа билеттерин сатып алып берүү жана конок үйүн ижаралап берүү менен гана чектелген кызматты көрсөтүү үчүн 115,5 миң сом (2024-ж. 2-сентябрь №41),
- Беларусь мамлекетинде Витебск шаарында эл аралык "Славянский базар" искусство фестивалына катышуучуларга иш сапар чыгымдарын төлөө үчүн 275,1 миң сом (2024-ж. 9-май №26),
- Беларусь мамлекетинде Витебск шаарында эл аралык "Славянский базар" искусство фестивалына катышуучуга иш сапар чыгымдарын төлөө үчүн 131,1 миң сомго (2024-жылдын 10-июнь №29).

**Корутунду**

Мамлекеттик ишканасынын тарабынан 2024-жылы жалпы **10 671,1** миң сомдук Уставындагы негизги функцияларына шайкеш келбеген кызмат көрсөтүүлөрдү аткаргандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

---

[5] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 328 токтому менен кайра бекитилген

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын Уставында көрсөтүлгөн негизги функцияларына шайкеш келбеген кызмат көрсөтүүлөрдүн аткарылуусун көзөмөлгө алсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-августундагы №439 токтому менен бекитилген «Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасынын Уставында 58.2 пунктунда Ишкананын мүлкүн түзүүчү булактар, өзүнө бекитилген мамлекеттик мүлктү пайдалануунун натыйжасында алынган же сатып алынган мүлк, анын ичинде кирешелер 58.3 пунктунда чарбалык иштин натыйжасында алынган кирешелер-деп белгиленген.

Мамлекеттик ишканасынын көрсөтүүчү кызматтары табигый монополия тармагынын кызматтары (иштери) болуп эсептелбегендиктен**,** Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы Министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы тарабынан Мамлекеттик ишкананын көрсөтүүчү кызматтарынын баалары бекитилген эмес. Мамлекеттик ишкана катары көрсөтүүчү кызматтарынын бааларын 2024-жылга башкаруучу орган Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен макулдашып бекиткен эмес. Министрлиги менен Мамлекеттик ишканасынын ортосунда түзүлгөн келишимдерди аткарууда анык чыгымдардан сырткары ишкананын өнүгүүсү үчүн пайыздык өлчөм Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен белгиленбестен туруп, 2024-жыл аралыгында өткөрүлгөн иш чаралардан жалпы **3 679,0** миң сом, анын ичинде Улуттук маданият борборунан 189,8 миң сом үнөмдөлүп “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасынын чыгымдарына сарпталган.

**Корутунду**

Министрлиги менен Мамлекеттик ишканасынын ортосунда түзүлгөн келишимдерди аткарууда анык чыгымдардан сырткары ишкананын өнүгүүсү үчүн пайыздык өлчөм Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен белгиленбестен туруп, 2024-жыл аралыгында өткөрүлгөн иш чаралардан жалпы **3 679,0** миң сом, анын ичинде Улуттук маданият борборунан 189,8 миң сом үнөмдөлүп “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасынын чыгымдарына сарпталган.

**Сунуштама**

“Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы көрсөткөн кызматтарынын анык чыгымынын үстүнө эсептелинүүчү пайыздык өлчөмдү мыйзамдуу түрдө бекиттирип алуу сунушталсын.

**Аныкталды**

Министрлиги менен Мамлекеттик ишканасы ортосунда түзүлгөн «Борборлоштурулган иш-чаралар» келишимдерди аткаруу мөөнөтүнөн кечиктиргени үчүн белгиленген 96,8 миң сом айып пул түздү, анын ичинен:

Астана шаарындагы "Айкөл Манас" эстелигин эки президенттин катышуусунда ачуу аземин уюштуруп өткөрүү үчүн келишимде көрсөтүлгөн

аткаруу убагы кечиктирилген ар бир жума үчүн келишим суммасынан 0,1% же 3,1 миң сом (2024-жылдын 19-апрель №14),

мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды эл аралык чемпионатка Казакстанга (Караганды ш.) алып барып келүү үчүн келишимде көрсөтүлгөн аткаруу убагынан кечиктирилген ар бир календардык күн үчүн 1,0% же 2,0 миң сом (2024-жылдын 15-ноябрь №50),

Улуттук идеологияны күчөтүү боюнча видеоролик тартуу үчүн келишимде көрсөтүлгөн аткаруу убагынан кечиктирилген ар бир календардык күн үчүн 1,0% же 90,5 миң сом (2024-жылдын 29-апрель №15),

Россия Федерациясынын театр искусство институту-ГИТИС менен бирге жаш театр сынчыларынын семинарын уюштуруп өткөрүү үчүн келишимде көрсөтүлгөн аткаруу убагы кечиктирилген ар бир календардык күн үчүн 0,2% же 1,2 миң сом (2024-жылдын 9-апрель №13), жалпы 96,8 миң сом айып пулу Маданият министрлигинин пайдасына эсептелди.

**Корутунду**

Министрлиги менен Мамлекеттик ишканасы ортосунда түзүлгөн келишимдерди аткаруу мөөнөтүнөн кечиктиргени үчүн белгиленген 96,8 миң сом айып пул түздү.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги менен түзүлгөн келишимдерди аткаруу мөөнөтүнөн кечиктирген ар бир күнү үчүн эсептелген **96,8** миң сом суммасындагы айып пул Министрликтин эсебине кайтарылсын.

**Аныкталды**

Министрлиги менен “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы ортосунда автотранспортторду сатып алуу үчүн түзүлгөн №54 жана №58 келишимдерди аткарууда анык чыгымдардан сырткары ишкананын өнүгүүсү үчүн пайыздык өлчөм Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен белгиленбестен туруп, 280,2 миң сом акча каражаты үнөмдөлгөн.

**Корутунду**

Министрлиги менен Мамлекеттик ишканасы ортосунда автотранспортторду сатып алуу үчүн түзүлгөн келишимдерди аткарууда пайыздык өлчөм Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен белгиленбестен туруп, 280,2 миң сом акча каражаты үнөмдөлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине жабдууларды жана аларды ташуу үчүн жүк ташуучу авто унааларын, транспорт каражаттарын сатып алууга, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-августундагы № 506-т тескемесинин негизинде акча каражаты бөлүнүп берилгендиги үчүн, үнөмдөлгөн **280,2** миң сом акча каражаты Министрлик аркылуу республикалык бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик ишканалар жөнүндө Жобонун" 18–пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, 2024-жылга Ишкананын өнүктүрүүсүнүн стратегиялык планы Ишкана тарабынан үч жылдык мезгилге иштелип чыккан эмес жана мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилген эмес.

**Корутунду**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда өнүктүрүүсүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан эмес жана мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилсин.

**Сунуштама**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда өнүктүрүүсүнүн стратегиялык планы иштелип чыгып мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилсин.

**Аныкталды**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда 2024-жылга карата жалпы өздүк накталай киреше 10 312,6 миң сомду түзгөн, ал эми, республикалык бюджеттен карыз акчасын жапканга келген каражатты алып салганда республикалык бюджеттен 15 181,1 миң сом келип түшкөн, тактап айтканда, жалпы киреше 25 493,7 миң сом же 59,5% дотацияда тургандыгы жана 3 жылдык өнүктүрүү стратегиялык планы бекитилбестен иш алып баргандыгына байланыштуу, өзүн-өзү толук каржылай албаган.

**Корутунду**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда жалпы кирешеден 59,5% республикалык бюджеттен келип түшкөн дотация.

**Сунуштама**

Дотациядан чыгуу жана республикалык бюджетти үнөмдөө максатында, 2025-жылдын 3-октябрындагы Ишкананын (өздүк) жобосунун 2-бөлүгүнүн 11,12,13-пункттарына ылайык иш алып барып, кирешеге анализ жүргүзүү, өнүктүрүү стратегиялык планынын долбоорун бекитүү, бюджетти толтуруу, дотациядан чыгуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн Музыкалык мектептердин арасынан тандоо жолу менен С. Зулпуев атындагы искусство мектебинде мугалимдердин жумалык предметтер/расписание боюнча сабак өтүүсү сакталбаган. Мектепте иш кагаздарын жүргүзүүдө нускаманын талаптары аткарылбайт. Мугалимдердин өздүк делолорундагы маалыматтар толук, так эмес. Ал эми окуучулардын өздүк делолору көрсөтүлгөн жок. Мектепте музыкалык аспаптар жетишсиз. Бар аспаптар эскилиги жетип бүткөн.

**Корутунду**

Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн Музыкалык мектептердин арасынан тандоо жолу менен С. Зулпуев атындагы искусство мектебинде иш кагаздарын жүргүзүүдө нускаманын талаптары аткарылбайт. Мектепте музыкалык аспаптар жетишсиз.

**Сунуштама**

Ноокат районунун маданият бөлүмүнүн жетекчилигине жалпы эле иш кагаздарын жүргүзүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 "Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык келтирсин.

**Аныкталды**

"Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театры" мекемесинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан "мекемесинде жалпы 29 кызматкердин билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен иштеп келе жатат, анын ичинен 7 кызматкердин билими орто мектепти аяктаган, калган 22 кызматкер азыркы учурда жогорку окуу жайларда окуп жатышат.

"С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры" мекемесинде жалпы 7 кызматкердин билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен иштеп келе жатат, азыркы учурда жогорку окуу жайларда окуп жатышат.

"Сулайман-Тоо" комплексинде жалпы 10 кызматкердин билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен иштеген.

Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы" мекемесинде 2 кызматкердин билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен иштеп келе жатышат.

"Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы" мекемесинде жалпы 7 кызматкердин билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен иштеп келе жатышат.

**Корутунду**

"Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театры", "С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры", Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы", "Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы" мекемелерде, "Сулайман-Тоо" комплексинде билими жана квалификациялык талаптары туура келбестен кызматкерлер иштеп келе жатат.

**Сунуштама**

"Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театры", "С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры", Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайы", "Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясы" мекемелерде, "Сулайман-Тоо"

комплексинде кызматкерлерине карата штаттык бирдиктерин түзүүдө, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 29-майындагы №278 "Маданият, искусство, маалымат жана кинематография мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын.

**Аныкталды**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик ишканалар жөнүндө Жобонун" 18–пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, 2024-жылга Ишкананын өнүктүрүүсүнүн стратегиялык планы Ишкана тарабынан үч жылдык мезгилге иштелип чыккан эмес жана мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилген эмес.

**Корутунду**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда ишкананын өнүктүрүүсүнүн стратегиялык планы бекитилген эмес.

**Сунуштама**

Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борборунда ишкананын 3 жылдык өнүктүрүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгып, башкаруу органы тарабынан бекитилүүсү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Жети-Өгүз райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 20-августундагы №568 токтому менен бекитилген "Тарыхый-маданий мурас объектилерин эсепке алуу, коргоо жана колдонуу жөнүндө Жобосунун" 2.8-2.9-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилип, райондук маданият бөлүмүндө катталган 105 тарыхый-маданий мурас объектилерине карточкалар жана паспорттор түзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Жети-Өгүз райондук маданият бөлүмүндө 105 тарыхый-маданий мурас объектилерине карточкалар жана паспорттор түзүлгөн эмес

**Сунуштама**

Тарыхый, илимий, көркөм же башка маданий баалуулуктарды камтыган объектилеринин эсепке алууну жана сакталуусун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 20-августундагы №568 токтому менен бекитилген Тарыхый-маданий мурас объектилерин эсепке алуу, коргоо жана колдонуу жөнүндө Жобосунун талаптарына ылайык, катталган Тарыхый-маданий мурас объектилерине, эстеликтерди эсепке алуу карточкасын жана паспортторун түзүү жагы камсыздалсын.

**Аныкталды**

Ысык-Көл районунун аймагында жайгашкан "Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейдин" жана "Курманжан-Датка атындагы

борбордук көчмөндөр музейинин” негизги функциялары, ишмердүүлүгү бир багытта жүргүзүлөт. Ысык-Көл районунун аймагында жайгашкан “Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейдин” өзүн-өзү каржылоо мүмкүнчүлүгү 9,9 % түзөт.

**Корутунду**

“Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейдин” жана “Курманжан-Датка атындагы борбордук көчмөндөр музейинин” негизги функциялары, ишмердүүлүгү бир багытта жүргүзүлөт. Ысык-Көл районунун аймагында жайгашкан “Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейдин” өзүн-өзү каржылоо мүмкүнчүлүгү 9,9 % түзөт.

**Сунуштама**

“Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейдин” жана “Курманжан-Датка атындагы борбордук көчмөндөр музейинин” негизги функциялары, ишмердүүлүгү бир багытта болгондугуна байланыштуу, аталган мекемелерди дотациядан чыгаруу максатында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан, эки мекемени бириктирүү жолу менен оптимизациялоо жүргүзүү маселеси каралсын.

**Аныкталды**

Ысык-Көл райондук маданият бөлүмүнүн китепканасынын ишмердүүлүгү боюнча бир жумуш күнгө орточо эсеп менен 1 китепканачыга 11 окурман туура келет. Бир окурманды тейлөө үчүн болжолдуу эсеп менен 30 минут талап кылынса, ар бир китепканачынын жумуш убакытындагы калган бош убакыты 2 сатты түзөт, жумуш убакытындагы иш жүктөмдөрү 5-6 сааты гана түзөт.

Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмүнүн Борборлоштурулган китепканада 15 штаттык бирдик каралган. Штаттык бирдик боюнча 10 китепканачыга 10-11 окурман туура келген. Райондук китепкананын кызматкерлери 8 сааттык жумуш убактысында орточо эсеп менен күнүнө болгону 2-3 окурманга чейин тейлегендиги аныкталды. Бир окурманды тейлөө үчүн 30 мүнөт убакыт талап кылынса, калган жумуш убактысындагы бош убактысы 6-6 саат 30 мүнөттү саатты түзөт.

Нарын райондук маданият бөлүмүнүн Ибраев атындагы Нарын райондук борбордук китепканасында орточо эсеп менен 1 китепканачыга бир күнгө 8 окурман, Нарын райондук Э.Ибраев атындагы борбордук китепкананын алдында уюшулган “Эрте жашты өнүктүрүү” борборунда орточо эсеп менен бир күнгө 1 китепканачыга 6 окурман туура келет.

**Корутунду**

Райондук маданият бөлүмүмдөрдүн китепканасынын ишмердүүлүгү боюнча толук эмес жумуш убактысы.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесине ылайык

китепканалардын штаттык бирдиктерин аныктоодо, китепканалардын штаттык бирдиктерин бекитүүдө китепканачылардын жумуш убакытындагы иш жүктөмдөрүнө, китеп окууга кайрылган окурмандардын санына жараша штаттык бирдиктерин аныктоо боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

Жумгал музыкалык драма театрынын имараты 1930-жылдары курулгандыктан учурда өтө эле авариялык абалда экендиги аныкталды, чатырынын эскилиги жеткендигине байланыштуу шиферлерди көтөрүп турган устундары жана жыгачтары чирип, ички көрүүчүлөр олтурган залдын төбөсү ийилип түшүп көрүүчүлөрдү басып калуу коркунучу бар. Фундаменти жылдан жылга чөгүп калган. Театрдын имараты авариялык абалда болгондуктан бюджеттен капиталдык жана учурдагы оңдоо, түздөө жумуштарына акча каражаты каралбайт. Театрдын артисттерине жумушчу бөлмөлөр жетишпейт жана даярданууга шарттар түзүлбөгөн, грим бөлмөлөрү жетишсиз.

**Корутунду**

Жумгал музыкалык драма театрынын имараты авариялык абалда.

**Сунуштама**

Жумгал музыкалык драма театрында иштөө кооптуулукту жараткандыктан башка имарат курууга жер тилкесин бөлүп берүү жана башка имарат куруу же башка имаратка көчүрүү жагы жогорку инстанцияларга же ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөргө кайрылуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аудитор** **П.С.Батиров**

№1 Тиркеме

**Кыскартуулар**

А.Изибаев атындагы Кыргыз мамлекеттик цирки - мамлекеттик цирк

Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз улуттук маданият жана искусство университети - искусство университети

Ч.Базарбаев атындагы Бишкек хореографиялык окуу жайы – БХО

Кыргыз улуттук тарых музейи - Тарых музейи

Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясы - Улуттук филармония

А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театры - опера жана балет театры

К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театры - Ысык-Көл облустук музыкалык-драма театры

«Кыргыз Маданият Сервис» Мамлекеттик ишканасы - «Кыргыз Маданият Сервис» МИ

Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепкана - Улуттук китепкана

Кыргыз улуттук “Манас” театры - “Манас” театры

М. Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театры - куурчак театры

“Кыргызреставрация” илимий изилдөө долбоорлоо институту - “Кыргызреставрация”

«Кыргызсериал» чыгармачылык - өндүрүштүк бирикмеси» мамлекеттик мекемеси - Кыргызсериал

«Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернаты” мекемеси – М.Абдраев атындагы мектеп-интернаты

Н.Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусство колледжи - Н.Давлесов атындагы колледжи

Алыкул Осмонов атындагы Улуттук китепканасы - Улуттук китепкана

Калый Молдобасанов атындагы улуттук консерваториясы - улуттук консерваториясы

"Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси - "Сулайман-Тоо" комплекси

“Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” - Академиялык драма театры

№ 2 тиркеме

**Коммуналдык чыгымдар**

| № | Мекеме | Бекитилген чектөө өлчөмүнөн ашып кетүү | Сумма (миң сом) |
|---|---|---|---|
| **Электр энергиясы (миң кВт/саат)** | | | |
| **1** | Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук Академиялык драма театры” | 57 | 204,6 |
| 2 | Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясы | 74,7 | 354 |
| 3 | А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академ. опера жана балет театры | 147 | 495,6 |
| 4 | Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театры | 134,5 | 511,1 |
| 5 | Г.Айтиев атындагы Кыргыз Улуттук көркөм сүрөт искусство музейи | 34,1 | 130,6 |
| 6 | Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий корук-музейи | 57 | 216,2 |
| 7 | Этномаданияты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борбору | 115,4 | 440,8 |
| 8 | Миң-Куш балдар искусство мектеби | 0,9 | 3,5 |
| 9 | Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектеби | 16,7 | 66,6 |
| 10 | Аламүдүн райондук маданият бөлүмү | 19,5 | 73,3 |
| 11 | Сокулук райондук маданият бөлүмү | 7,96 | 31,9 |
| 12 | Ак-Суу райондук маданият бөлүмү | 27 | 104,1 |
| 13 | Тоң райондук маданият бөлүмү | 92,5 | 358 |
| 14 | Жумгал райондук маданият бөлүмү | 1,2 | 5,2 |
| 15 | Тогуз-Торо райондук маданият бөлүмү | 26,2 | 100 |
| 16 | Ат-Башы райондук маданият бөлүмү | 12 | 50,9 |
| 17 | Нарын райондук маданият бөлүмү | 4,3 | 18,3 |
| 18 | Сузак райондук маданият бөлүмүнүн Балдар музыка мектеби | 2,5 | 10 |
| 19 | Кочкор райондук маданият бөлүмү | 33,3 | 148,3 |
| | жалпы | 863,76 | 3323 |
| | | | **Жылуулук энергиясы (Гкал)** |
| **1** | А.Малдыбаев атындагы В.И.Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академ. опера жана балет театры | **125,6** | **330,7** |
| 2 | Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясы | 187,47 | 680,4 |
| 3 | Кыргыз мамлекеттик Бакен Кыдыкеева атындагы жаш көрүүчүлөр театры | 2,78 | 18,8 |
| 4 | Ч.Айтматов атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук орус драма театры | 20,6 | 65 |
| 5 | “Н.Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусство колледжи” мекемеси | 23,3 | 211,8 |
| | жалпы | 359,75 | 1306,7 |